Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ТУРУКТУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

2018-жылдын декабрь айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага | Жениш Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү | Тезекбаева А. |
| | Айдарова А. |
| | Каракожаев А. |
| | Лелевкина Э. |
| | Султанкулов И. |
| Жооптуу катчы | Орозалиев А. |

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2012-жылдын 17-августунда каттоодон өтүп, № 1863 күбөлүккө ээ болгон

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2018-ж.
Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайсы болбосун формада, кандай болбосун каражаттар аркылуу басып чыгарууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басып чыгарууда жана которууда «Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет» басылмасына милдеттүү түрдө шилтеме келтирүү зарыл.

Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор менен төмөнкү дарекке кайрылууга болот:

Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168.
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Финансылык туруктуулукка мониторинг жүргүзүү бөлүмү
телефону: (+996 312) 66-90-57
факс: (+996 312) 61-07-30
электрондук почта: aorozaliev@nbkr.kg

Басылма жылына эки жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

Сандардын тегеректелишинен улам, суммалоодо акыркы катарда дал келбөөчүлүктөр келип чыгышы мүмкүн.

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ..........5

**НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР** ..........7

**I. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНЪЮНКТУРА** ..........8

1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер ..........8

1.2. Финансы секторунун түзүмү ..........15

1.3. Финансылык рыноктордун абалы ..........17

1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу ..........20

**II. БАНК СЕКТОРУ** ..........26

2.1. Негизги тенденциялар ..........26

2.2. Банк секторунда орун алган тобокелдиктер ..........30

*2.2.1. Кредиттик тобокелдик* .......... *30*

*2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги* .......... *35*

*2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги* ..........36

*2.2.4. Валюта тобокелдиги* ..........37

*2.2.5. Пайыздык тобокелдик* ..........39

*2.2.6. "Дуушарлануу" тобокелдиги* .......... *40*

*2.2.7. Өлкөлүк тобокелдик* .......... *41*

2.3. Банк секторуна "кайтарым" стресс-тестирлөө жүргүзүү ..........43

*2.3.1. Кредиттик тобокелдикке "кайтарым" стресс-тестирлөө жүргүзүү* ..........43

*2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигине "кайтарым" стресс-тестирлөө жүргүзүү* .......... *44*

*2.3.3. Рынок тобокелдигине "кайтарым" стресс-тестирлөө жүргүзүү* .......... *45*

**III. БАНК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫ** ..........47

3.1. Негизги тенденциялар ..........47

3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер ..........50

3.3. БФКУ системасын стресс-тестирлөө ..........53

**IV. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ** ..........55

**V. ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ** ..........58

**ГЛОССАРИЙ ЖАНА КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ** ..........60

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2012-жылдан бери республиканын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчетту жарыялап келет. Республиканын финансы системасынын туруктуулугуна жалпы баа берүү менен коомчулукту тааныштыруу, мына ушул отчеттун негизги максаты болуп саналат.

Финансылык туруктуулук дегенден улам, финансылык тең салмаксыздык жана таасирлердин орун алышы шартында финансылык ортомчулук милдетин аткарууга өбөлгө түзгөн финансы уюмдарынын, финансы рынокторунун жана төлөм системаларынын жөнгө салынган жана үзгүлтүксүз ишин түшүнүү зарыл.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жана финансылык туруктуулукка талдап-иликтөөлөрдүн натыйжалары, акча-кредит саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгууда жана банк ишин жөнгө салууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын финансы-кредит уюмдарын өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууда эске алынат.

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет финансылык туруктуулук маселелерине кызыккан жактар жана финансы рыногунун катышуучулары үчүн каралган.

# КЫСТЫРМАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

1-кыстырма. Турак жай менен камсыз болуу индекси ........ 23

2-кыстырма. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүшүнүн банк секторуна таасирин стресс-тесттен өткөрүү ........ 24

3-кыстырма. Коммерциялык банктардын кардарларын кредиттөө боюнча иликтөөлөрдүн жыйынтыктары ........ 32

4-кыстырма. Коммерциялык банктардын ири кардарларына жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыктары ........ 33

5-кыстырма. Кыйыр валюта тобокелдиги аркылуу кредиттик тобокелдик ........ 38

6-кыстырма. Концентрациялануу индексинин негизинде БФКУ системасынын ишине баа берүү ........ 52

# НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР[1]

**2018-жылдын биринчи жарым жыл жыйынтыгы боюнча макропруденциалдык талдап-иликтөөлөрдүн жана финансылык болжолдоолордун моделин түзүү жыйынтыктары финансы секторунун туруктуулугу жетиштүү деңгээлде экендигин тастыктоодо.**

**2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде экономиканын бир аз өсүшү белгиленген, бул өлкөнүн ири ишканаларында өндүрүштүн сезондук түзүмүнүн өзгөрүүсү менен да шартталган. Экономиканын соода жүргүзүү, айыл чарба, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр жана жүк ташуу сыяктуу секторлорунда орточо жогору экономикалык жигердүүлүк сакталып турган.**

**Бирок, кармалып турган экономикалык өсүшкө карабастан, кредит портфелинин сапатынын жакшыргандыгы жана Кыргыз Республикасынын банк секторунун рентабелдүүлүгүнүн өсүшү байкалууда.**

**Банк сектору үчүн өлкө тобокелдиги, мурдагыдай эле, орточо деңгээлде белгиленген.** Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндөгү макроэкономикалык чөйрөнүн начарлашы республиканын банктарынын кардарларынын финансылык абалынын потенциалдуу начарлашынан улам банк секторуна кыйыр таасирин тийгизиши ыктымал.

**Банк сектору үчүн негизги тобокелдиктердин бири катары концентрациялануу тобокелдиги саналат.** Ири карыз алуучулардын потенциалдуу дефолтко учурашы жана олуттуу каржылоо булактарынын күтүүсүз агылып чыгышы (анын ичинде мамлекеттик сектор органдары жана мамлекеттик ишканалар) айрым банктарга терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

**Кыргыз Республикасынын банк сектору макроэкономикалык таасирлерге туруктуу экендигин тастыктаган.** Мында, улуттук валютанын алмашуу курсу кыйла өзгөрүүлөргө дуушарланса, айрым банктар карыз алуучулардын чет өлкө валютасындагы кредиттерин тейлөөнүн финансылык абалынын начарлашы мүмкүндүгүнөн кыйыр валюта тобокелдигине көбүрөөк дуушарланышы ыктымал. Бул кийин банк секторуна да таасирин тийгизиши мүмкүн.

**Банктар аралык кредиттөө деңгээли төмөн болуусунан улам "дуушарлануу"[2] тобокелдиги анчалык олуттуу эмес бойдон калууда.** Бул ошондой эле банктар аралык кредиттөөдө күрөөлүк камсыздоонун болушу жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары ортосунда өз ара байланыштын начардыгы менен шартталган.

**Кыргыз Республикасынын банк секторунун финансылык туруктуулук запасынын сакталып турушу байкалган.** Эконометрикалык модель түзүү, финансылык болжолдоолордун жана кайтарым стресс-тесттердин моделин түзүү жыйынтыктары, мурдагыдай эле, 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча финансылык туруктуулук запасынын болушун жана белгилүү бир макроэкономикалык таасирлерге туруштук берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин чагылдырууда.

**Бүтүндөй алганда, 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда төлөм системалары штаттык режимде иштеген.** Төлөм системаларында тобокелдик минималдуу деңгээлде катталган, бул төлөм системаларынын катышуучуларынын ликвиддүүлүгүнүн жетиштүү деңгээли менен жана системанын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылууга багытталган чаралар комплексин кабыл алуу менен шартталган.

[1] Бул басылмада, өткөн мезгилдерде банктар тарабынан киргизилген корректировкалоолорду эске алуу менен мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттогу маалыматтар пайдаланылган.

[2] Банктар аралык кредиттөөдө "дуушарлануу" тобокелдигин түшүндүрөт.

# I. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНЪЮНКТУРА

## 1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер

***Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда түптөлгөн алгылыктуу жагдай сыяктуу эле, ички азык-түлүк рыногундагы баа саясаты да 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгында төмөн инфляциялык арымды шарттаган. Улуттук банк монетардык шарттарды жеңилдетүү боюнча өзүнүн пайыздык саясатын уланткан.***

***Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүш арымы басаңдоосун уланткан, бирок каралып алынган мезгил ичинде бир аз оң өсүш сакталып турган. Тышкы чөйрө менен соода жүргүзүүнүн кыйла аралашуусу тышкы макроэкономикалык таасирлер менен трансмиссия үчүн негизги канал бойдон калууда.***

***Бюджет-салык саясаты консолидацияланууну көрсөткөнүнө карабастан, негизинен керектөөгө жумшалган мамлекеттик чыгашалардын маңызы инфляция үчүн жана орто мөөнөттүк келечекте мамлекеттик карыздын туруктуулугу үчүн тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн.***

МАЗМУНУ

### *Тышкы шарттар*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында глобалдуу экономиканын жакшыруусу уланган, мында төмөндөшү мүмкүн болгон тренд сакталып турган, бул эл аралык жана финансылык институттардын баа берүүлөрү менен тастыкталууда. Экономикалык шарттар, анын ичинде кредиттик шарттар да өнүккөн өлкөлөрдө алгылыктуу болушу мүмкүн, бул орто мөөнөттүү келечекте инвестицияларды өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн өнүккөн өлкөлөргө багыттоонун өзгөрүшүнө алып келет. Өз ара соода жүргүзүүнүн олуттуу эскалациясы ишкердик жигердүүлүгүнүн кыскарышы жана дүйнөлүк соода жүргүзүүнүн басаңдашы тобокелдигин шарттаашы ыктымал. Регионалдык экономикада Кытайдын жана Россиянын экономикалык өсүш көрсөткүчтөрү жакшырган. Атап айтканда, негизги акча которуу булагы катары Россияда анын андан ары кеңейүүсүн күтүү менен экономикалык өсүштүн туруктaшуусу байкалган.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында Казакстанда экономикалык жигердүүлүктүн өсүшүнөн жана жылдык инфляциянын басаңдашынан улам Казакстан Улуттук банкынын максаттуу чегинин алкагында базалык чен жыл башындагы 10,25 пайыз деңгээлинен июнь айында 9,00 пайызга чейин төрт жолу төмөндөтүлгөн. Мында каралып алынган мезгил ичинде өлкөнүн валюта рыногунда жагдай өтүп жаткан жылдын апрель айынын башталышында АКШнын Россияга карата алгачкы санкцияларынын алкагында бир аз күч алган, бул Казакстан экономикасы үчүн жогоруда аталган Россияга карата санкциялардын андан ары күчөтүлүшү шартында теңгенин курсунун кыйла басаңдашы түрүндөгү кыйыр тобокелдикти аныктаган.

Кытайда экономикалык жагдай туруктуу катары мүнөздөлүп, экономиканын кыйла жогору арымда өсүшү белгиленген. Ири эл аралык жана финансылык институттардын болжолдоолору боюнча жакынкы жылдарда экономикалык жигердүүлүктүн өсүшү бул өлкөдө басаңдайт. Өлкө бийлиги узак мөөнөттүү келечекте жогору өсүш арымдан ички керектөө рыногуна негизделген кыйла туруктуу жана ишенимдүү өсүшкө өтүү саясатын жүргүзүүдө. Кытай экономикасында ишканалардын жогору өлчөмдө карызы жана көмүскө банк секторуна байланыштуу белгилүү бир тобокелдиктер аныкталган жана аларды кыскартуу боюнча чаралар көрүлүүдө.

Россияда 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында финансы рыногунун индикаторлору АКШ доллары тарабынан санкциялар күчөтүлгөндүгүнөн улам, рыноктордо өзгөрүлмөлүүлүк күч

алгандыгына карабастан туруктуу бойдон калган. Мында отчеттук мезгил ичинде Россияда капиталдын агылып чыгышы 20 пайыздан жогору өскөн (17,3 млрд. АКШ долларына чейин), анын динамикасы негизинен чет өлкө активдерине суроо-талаптын өсүшү жана резидент эместердин Россия экономикасындагы инвестицияларынын төмөндөшү менен шартталган. Ушул себептен Россиянын валюта рыногунда чет өлкө валютасына суроо-талап көлөмү сунуш көлөмүнөн жогору болгон, бул орус рублинин курсунун басаңдоо тенденциясын, ошондой эле фондулук рынокто баалуу кагаздардын котировкаларынын төмөндөөсүн аныктаган. Тобокеликтердин өсүшүнөн улам Россия Банкы негизги ченди төмөндөтүү боюнча кылдат иштелип чыккан саясатын колдонууга киргизген. Биринчи жарым жыл ичинде рынок коньюнктурасы начарлагандыгына карабастан, Россия экономикасында жагдай бүтүндөй алганда туруктуу катары бааланган: экономикалык өсүш ички суроо-талаптын артышы менен шартталган, инфляция басаңдаган, федералдык бюджеттин абалы туруктуу сакталган.

## *Ички шарттар*

### *Ички дүң өнүм*

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтарына ылайык, 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча өлкө экономикасынын өсүшү 0,1 пайыз деңгээлинде орун алган (2017-жылдын биринчи жарым жылдыгында – 5,6 пайыз деңгээлинде). Экономиканын өсүш арымынын басаңдоосунун негизги себеби катары “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларынын өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшү болгон. Мында өсүш, акча каражаттарын которуу агымынын жогорулашынын, төмөн арымдагы инфляциянын алкагында айкын эмгек акынын жана калктын кирешесинин өсүшүнүн эсебинен ички суроо-талаптын жогорулоосу менен шартталган. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда ИДӨ 2,1 пайызга өскөн (2017-жылдын биринчи жарым жылдыгында – 2,0 пайыз). Дефлятор 4,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул 2017-жылдын январь-июнь айларына салыштырганда 1,2 пайыздык пунктка жогору.

Тармактар боюнча бөлүп караганда экономиканын өсүшүнө алгылыктуу салым соода жүргүзүү (0,7 п.п.), курулуш (0,4 п.п.), транспорт (0,2 п.п.) жана айыл чарба (0,1 п.п.) секторлору тарабынан кошулган, мында өнөр жай (-1,2 п.п.), ошондой эле маалымат жана байланыш (-0,3 п.п.) секторлорунун олуттуу терс салымы белгиленген.

Өнөр жай секторунун 5,7 пайызга төмөндөөсү, эң башкысы, негизги металлдарды өндүрүү (негизинен “Кумтөрдө” казылып алынган), металл кендерин казып алуу, транспорт каражаттарынын, машиналардын жана жабдуулардын өндүрүш көлөмүнүн кыскаруусу менен шартталган.

Айыл чарбада өсүш, мал чарбачылыгы тармагынын өндүрүш көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен 2,1 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2017-жылдын январь-июнь айларында – өсүш 1,3 пайыз чегинде белгиленген).

Курулушта 6,3 пайызга өсүш байкалган, бул негизги капиталга инвестициялардын 5,0 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен келип чыккан. Негизги капиталга инвестициялардын өсүш көлөмү электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу) объектилерин, мейманкана жана тойкана, маалымат жана байланыш, ошондой эле искусство, оюн-зоок жана эс алуу объектилерин курууну эске албаганда, башка көптөгөн иштердин түрүндө белгиленген. Ички булактардын эсебинен каржылоого алынган инвестициялар 11,0 пайызга жогорулаган, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржылоого алынган инвестициялар 11,6 пайызга төмөндөгөн.

Кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1,5 пайызга өсүшү негизинен транспорт (4,7 пайызга) жана соода жүргүзүү ишинин (4,3 пайызга) өсүшүнүн эсебинен камсыздалган. Ошону менен бирге, бир кызмат көрсөтүүлөрдүн экинчисине алмашкандыгы менен шартталган байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн кыскаруусунан улам маалымат жана байланыш чөйрөсүнүн (7,2 пайызга) кыскаруусу сакталууда.

МАЗМУНУ

### 1.1.1-таблица. Иштин айрым бир түрлөрүнүн ИДӨгө салымы

| | 2017-ж. январь-июну | | | 2018-ж. январь-июну | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыш-тырма салмагы, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салымы, *пайыздык пунктар* | Салыш-тырма салмагы, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салымы, *пайыздык пунктар* |
| ИДӨ | 100,0 | 5,6 | 5,6 | 100,0 | 0,1 | 0,1 |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 8,6 | 1,3 | 0,1 | 8,3 | 1,6 | 0,1 |
| Өнөр жайы | 20,6 | 29,9 | 5,2 | 20,8 | -5,7 | -1,2 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 1,1 | 77,6 | 0,5 | 0,7 | -23,3 | -0,3 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 16,6 | 31,4 | 4,5 | 17,2 | -6,1 | -1,0 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 2,6 | 12,1 | 0,3 | 2,6 | 3,0 | 0,1 |
| *Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдаланылуучу чийки затты алуу* | 0,3 | 3,39 | 0,01 | 0,3 | 10,7 | 0,03 |
| Курулуш | 6,2 | -7,4 | -0,5 | 6,3 | 6,3 | 0,4 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 50,0 | -0,1 | -0,1 | 47,5 | 1,5 | 0,8 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | 15,9 | 3,0 | 0,5 | 16,3 | 4,3 | 0,7 |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | 4,1 | 5,7 | 0,2 | 4,3 | 4,7 | 0,2 |
| *Маалымат жана байланыш* | 3,5 | -24,9 | -1,1 | 3,4 | -7,2 | -0,3 |
| *Башкалар* | 26,5 | 1,1 | 0,3 | 23,5 | 0,6 | 0,1 |
| Азык-түлүктөн таза салыктар (субсидияларды эсептен алып салуу менен) | 14,7 | 5,6 | 0,9 | 17,1 | 0,1 | 0,01 |

*Булагы: КР УСК*

### *Инфляция*

2018-жылдын баш жагынан тартып инфляциянын төмөндөө динамикасы уланып, январь айындагы 3,2 пайыздан июнь айында 0,8 пайызга чейин төмөндөгөн. Баа динамикасы, жашылча жана мөмө-жемиштерди ички өндүрүү көлөмү сыяктуу эле, аларды импорттоо көлөмүнүн жогорулашынан улам жашылчаларга жана мөмө-жемиштерге сунуш жогору болгондуктан, аларга болгон төмөн баалардын эсебинен азык-түлүк инфляциясынын төмөндөөсүнүн таасири астында түптөлгөн. Ошону менен бирге, акциздик чендердин жогорулоосунан улам тамекиге баалардын өсүшү акциздик баалардын өсүшүн шарттап, жыл башында инфляцияга жогорулатуучу таасирин тийгизген. Рынок инфляциясы туруктуу өсүш арымын сактап, июнь айында 5,1 пайызды түзүү менен бүтүндөй алганда, Улуттук банктын максаттуу көрсөткүчү – 5-7 пайыз чегинде катталган. Азык-түлүктөн башка товардык топко жана акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси негизги товардык позициялар боюнча орточо өсүштү камсыздаган.

Өтүп жаткан жылы эмгек акылардын, калктын жалпы кирешелеринин жана чыгашаларынын туруктуулугу сакталган, бул керектөө товарларына баа деңгээлине колдоо көрсөткөн. Чекене сатуу көрсөткүчтөрү керектөө рынокторунда жигердүүлүктүн жогорулоосунун сакталып тургандыгын күбөлөндүргөн, мында 2017-жылдын акырынан тартып чекене сатуунун өсүш арымы бир аз басаңдагандыгы байкалган.

МАЗМУНУ

**1.1.1-график. Кыргыз Республикасында КБИ (жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата топтолмо)**




*Булагы: КР УСК,* www.fao.org

**1.1.2-график. Кыргыз Республикасынын КБИ динамикасы жана ФАО индекси**




*Булагы: КР УСК,* www.fao.org

Азык-түлүк товарлары КБИнин керектөө куржунунун жарымына жакынын ээлейт, мында аларга баа динамикасы кыйла өзгөрүүлөргө дуушарланган, алар айыл чарба продукциясын өндүрүү көлөмүнүн жана эл аралык азык-түлүк рынокторундагы конъюнктуранын негизинде түптөлөт. Азык-түлүк товарларын эске албаганда, керектөө товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы орточо туруктуу болуп саналат. Ушуга байланыштуу, КБИнин максаттуу көрсөткүчтөн четтөө тобокелдиктери, негизинен, аба-ырайы шарттарынын республиканын айыл чарба өндүрүш көрсөткүчүнө потенциалдуу таасиринен жана эл аралык рыноктордо негизги импорттолуучу азык-түлүк товарларына баа деңгээлинин өзгөрүү ыктымалдыгынан улам келип чыгат.

2018-жылдын биринчи жарымында дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өзгөрүүсүнүн индикатору болуп саналган ФАО азык-түлүккө баа индекси 2017-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда өзгөргөн эмес. Кароого алынган мезгил ичинде өтүп жаткан жылдын алгачкы айларында ФАО индексинин өсүшү байкалган, бул дүйнөлүк азык-түлүк рыногунда дан эгиндерине баалардын өсүшү менен шартталган. Жыл башынан тартып кантка баалардын төмөндөө динамикасы, ошондой эле эл аралык соода мамилелеринде алгылыксыз жагдайлардын күч алуусу кароого алынган мезгилдин акыркы айларында төмөндөтүүчү таасирин тийгизген.

Кароого алынган мезгилде тышкы азык-түлүк рынокторунда конъюнктуранын өнүгүшү Кыргыз Республикасында баалардын жогорулоосуна анчалык таасирин тийгизген эмес.

МАЗМУНУ

### *Эмгек рыногу жана эмгек акы*

**1.1.3-график. Расмий жумуш менен камсыз болгондордун жана жумушсуз адамдардын саны**




*Булагы: КР УСК*

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча калктын мамлекеттик жумуш менен камсыздоо кызматынын органдарында каттоодон өткөн жумушсуз адамдардын саны 2018-жылдын 1-июлуна карата 86,6 миң адамды түзгөн, бул 2017-жылдын ушул эле күнүнө салыштырганда 3,6 пайызга аз, ал эми каттоодон өткөн жумушсуз адамдардын саны 65,1 миң адамды же 4,9 пайызга жогоруну түзгөн. Жумушсуздук деңгээли 0,2 п.п. жогорулап, калктын экономикалык жигердүү бөлүгүнүн 2,6 пайызын түзгөн.

Калктын эмгекке жарамдуу бөлүгү, мурдагыдай эле, негизги секторлордо[1]: билим берүү (34,7 пайыз), кызмат көрсөтүү (32,1 пайыз), өнөр жай (14,0 пайыз) жана мамлекеттик башкаруу (11,0 пайыз) секторлорунда эмгектенүүдө. Бүтүндөй алганда, акыркы үч жыл ичинде иш менен камсыз болгон адамдардын саны анчалык өзгөрбөгөндүгүн белгилеп кетүүгө болот.

**1.1.4-график. Экономикалык ишкердик түрлөрү боюнча ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин орточо айлык номиналдык эмгек акысы**




*Булагы: КР УСК*

Кыргыз Республикасында кароого алынган мезгил ичинде эмгек акынын өсүшүнүн туруктуу динамикасы байкалган. 2018-жылдын январь-июнь айларында бир жумушчунун орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3] 15 665 сомду түзүү менен 2017-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 6,6 пайызга өскөн. Орточо айлык эмгек акынын өсүш арымынын көбүрөөк жогорулоосу курулуш (16,3 пайыз), маалымат жана байланыш (15,1 пайыз), мамлекеттик башкаруу (11,7 пайыз) жана өнөр жай (7,6 пайыз) тармактарында белгиленген.

2018-жылдын январь-июнь айларында айкын эмгек акы өткөн жылдын тиешелүү мезгилине караганда 4,2 пайызга өскөн (2017-жылдын январь-июнь айларында өсүш 3,2 пайызды түзгөн).

[3] Кичи ишканаларды эске албаганда.

### *Мамлекеттик бюджет*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлеринин көрсөткүчтөрү жакшыргандыгы байкалган. Алгылыктуу тышкы экономикалык шарттар, салыктык кирешелерди администрлөөнүн жакшыруусу жана бажылык төлөмдөрдүн түшүүсүнүн өсүшү бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүүсүнүн негизги себептеринен болгон. Ошол эле учурда, салыктык эмес түшүүлөрдүн, ошондой эле расмий трансферттердин кыскарышы жалпы кирешелердин өсүш арымына оолдуктоочу таасирин тийгизген. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары, негизинен, капиталдык чыгашалардын (имараттарды жана курулмаларды сатып алууга, жолдорду ремонттоого ж.б. сарптоолор) кыйла кыскарышынан улам түптөлгөн. Натыйжада, бюджет тартыштыгынын деңгээли өткөн жылдардагы маанилерден төмөн түптөлүп, 0,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,2 пайызды түзгөн.

Кароого алынган мезгилдин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик карыз өткөн жылдын акырындагыга салыштырганда төмөндөгөн. Жалпы карыздын түзүмүндө тышкы карыздын кыскаруу тенденциясы жана ички карыздын өсүшү байкалууда. Бюджет тартыштыгын ички каржылоодо негизги булак катары мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруудан каражаттар саналат.

Ошентип, мамлекеттик баалуу кагаздарды, атап айтканда узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгарууну арттыруу саясаты улантылууда, мында аларды чыгаруу көлөмү өткөн жылдагыдан кыйла жогору болгон.

**1.1.2-таблица. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин негизги параметрлери**

| | 2017-ж. янв.-июнь | | 2018-ж.янв.-июнь | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *ИДӨгө карата %* | *млрд сом* | *ИДӨгө карата %* |
| **Жалпы кирешелер (финансылык эмес активдерди сатууну кошо алганда)** | 69,9 | 34,2 | 70,6 | 33,1 |
| анын ичинде: операциялык иштен кирешелер | 69,8 | 34,2 | 70,6 | 33,0 |
| финансылык эмес активдерди сатуу | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Жалпы чыгашалар (финансылык эмес активдерди сатып алууну кошо алганда)** | 73,8 | 36,1 | 71,0 | 33,2 |
| анын ичинде: операциялык ишке чыгашалар | 59,3 | 29,0 | 62,3 | 29,1 |
| финансылык эмес активдерди сатып алуу | 14,6 | 7,1 | 8,7 | 4,1 |
| **Тартыштык (-) / Профицит (+)** | -4,0 | -1,9 | -0,4 | -0,2 |
| **Баштапкы тартыштык (-) / профицит (+)** | -1,1 | -0,5 | 3,0 | 1,4 |
| **Бюджетти каржылоо** | 11,7 | 5,7 | 11,0 | 5,2 |
| Тышкы каржылоо | 6,3 | 3,1 | -0,9 | -0,4 |
| Ички каржылоо | 5,4 | 2,6 | 11,9 | 5,6 |

*Булагы: КР ФМ*

### *Макроэкономикалык тобокелдиктер*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча негизинен “Кумтөр” ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн кыскарышынан улам жалпы ИДӨ нөлгө жакын мааниде болгондугуна карабастан, акча-кредит саясат максаттары үчүн активдүү көрсөткүч катары саналган “Кумтөрдү” эске албаганда, ИДӨ өсүшкө ээ болгондугун көрсөткөн, буга Улуттук банктын акча-кредит саясаты жана акча которуулар агымы өбөлгө түзгөн. Мында экономикада түзүмдүк проблемалар орун алып тургандыгына байланыштуу макроэкономикалык тобокелдиктер сакталып турган.

Бүтүндөй алганда, инфляциянын учурдагы өнүгүү тенденциясын эске алсак, инфляциянын максаттуу көрсөткүчтөрдөн четтөө тобокелдиги күтүлбөйт. Мында, азык-түлүк товарлары керектөө куржунунун болжолу менен жарымын ээлеп тургандыктан (46 пайыз) жана олуттуу бөлүгүн импорттолуучу товарлар ээлегендиктен, өлкөбүздө баалардын жалпы деңгээлине инфляциялык же

дефляциялык басым жасашы мүмкүн болгон дүйнөлүк азык-түлүк рыногундагы баалардын өзгөрүү тобокелдиги жана аба-ырайы шарттарынын азык-түлүк бааларына таасири сакталып турган.

Салык-бюджет чөйрөсүндө дисбаланс төмөндөгөндүгүнө карабастан, мамлекеттик финансылардын туруктуулугуна байланыштуу тобокелдиктер мурдагыдай эле сакталып турат, бирок алар орточо деңгээлде орун алууда. Орто мөөнөттүү келечекте мамлекеттик карыздын туруктуу болушу, бирок ИДӨнүн айкын өсүшүнүн, алмашуу курсунун жана баштапкы бюджет тартыштыгынын өзгөрүүсү ага таасир тийгизиши ыктымалдыгы күтүлүүдө.

МАЗМУНУ

## 1.2. Финансы секторунун түзүмү

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун институционалдык түзүмү коммерциялык банктар жана башка финансылык институттар тарабынан сунушталган.

**1.2.1-таблица. Финансы секторунун институционалдык түзүмү** *(финансылык институттардын саны)*

| Финансылык институттар | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | I ж/ж 2017 | I ж/ж 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коммерциялык банктар** | **23** | **24** | **25** | **25** | **25** | **25** |
| **Башка финансылык компаниялар, анын ичинде:** | **689** | **656** | **704** | **688** | **690** | **686** |
| ***Банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ), анын ичинде:*** | ***660*** | ***627*** | ***673*** | ***657*** | ***659*** | ***655*** |
| Микрофинансылык уюмдар, анын ичинде: | 215 | 172 | 162 | 150 | 159 | 148 |
| микрокредиттик компаниялар | 154 | 109 | 103 | 96 | 101 | 98 |
| микрокредиттик агенттиктер | 56 | 57 | 53 | 47 | 52 | 42 |
| микрофинансылык компаниялар | 5 | 6 | 6 | 7 | 6 | 8 |
| “КСФК” ААКсы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Кредиттик союздар | 135 | 125 | 116 | 110 | 114 | 108 |
| Алмашуу бюролору | 309 | 329 | 394 | 396 | 385 | 398 |
| ***Камсыздандыруу компаниялары*** | ***17*** | ***17*** | ***19*** | ***19*** | ***19*** | ***19*** |
| ***Инвестициялык фонддор*** | ***9*** | ***9*** | ***9*** | ***9*** | ***9*** | ***9*** |
| ***Фондулук биржалар*** | ***1*** | ***1*** | ***1*** | ***1*** | ***1*** | ***1*** |
| ***Пенсиялык фонддор*** | ***2*** | ***2*** | ***2*** | ***2*** | ***2*** | ***2*** |

*Булагы: КРУБ, КР УСК*

2018-жылдын биринчи жарым жылынын акырына карата банктардын жана БФКУлардын активдери 229,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 44,6 пайызды түзгөн.

Банктардын жана БФКУлардын чогуу алгандагы кредит портфели кароого алынган мезгил ичинде 134,3 млрд. сом же ИДӨгө карата 26,2 пайыз чегинде белгиленген. Банктардын финансы секторунун кредит портфелиндеги кредиттеринин үлүшү 0,7 пайыздык пунктка азайып, 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына 89,0 пайызды түзгөн (1.2.1-график).

МАЗМУНУ

**1.2.1-график. Кредит портфелинин түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**1.2.2-график. Финансы секторунун кредит портфелинин тармактык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

Финансы секторунун кредит портфелинин тармактык түзүмүндө, мурдагыдай эле, кредит портфелинин соода (банктар) жана айыл чарба (БФКУлар) чөйрөлөрүндө жогору топтолгондугу катталган. Финансы секторунун кредит портфелинин аталган экономика тармактарындагы чогуу алгандагы үлүшү кароого алынган мезгилдин акырына карата кредиттердин жалпы көлөмүнүн 49,9 пайыз деңгээлине чейин жетип, 65,6 млрд. сом чегинде калыптанган (1.2.2-график).

МАЗМУНУ

## 1.3. Финансылык рыноктордун абалы

***2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында ички валюта рыногундагы жагдай салыштырмалуу туруктуу болгон. Акча рыногунда кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо максатында банктар аралык карыз алышуулар, айрыкча репо-операциялар жигердүү жүргүзүлгөн. Финансы министрлигинин жогорку эмиссиялык (айрыкча, мамлекеттик казына облигацияларын чыгаруу жагында) активдүүлүгүнөн жана системада үстөк ликвиддүүлүктүн туруктуу жогорку деңгээлин сактоодон улам, рыноктун катышуучулары өз инвестициялык портфелдерин арттыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктү абсорбациялоо максатында туруктуу негизде ноталарды жайгаштыруу боюнча аукциондорду өткөрүп келген.***

### *1.3.1. Валюта жана акча рынокторунун абалы*

#### *Валюта рыногу*

**1.3.1.1-график. АКШ доллар рыногунда Улуттук банктын интервенцияларынын динамикасы**




2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында сомго карата АКШ долларынын курстук динамикасы сезондук факторлорго жана тышкы таасирлерге жараша аныкталган. Алмашуу курсунун олуттуу өзгөрүүлөрү Улуттук банктын интервенция операциялары менен текшиленген. Негизинен, чет өлкө валютасын сатып алуу боюнча операциялар басымдуулук кылган, анын көлөмү 20,6 млн. АКШ долларын түзүү менен 2017-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 27,2 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасын сатуу көлөмү 13,6 млн. АКШ долларын (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда -23,2 пайызды) түзгөн. Натыйжада, Улуттук банк тарабынан чет өлкө валютасын таза сатып алуу көлөмү 7,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул кароого алынып жаткан мезгил ичинде суроо-талаптын жана сунуштун балансынын сакталышына алып келген. Рынокто чет өлкө валютасынын сунушу да өлкөгө акча которуулардын туруктуу агылып кирүүсү менен колдоого алынган.

АКШ долларынын сомго карата расмий курсу отчеттук мезгил ичинде бир АКШ доллары үчүн 67,9355 сомдон 69,4396 сомго чейин тар диапазондо өзгөрүлүп турган. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгын боюнча сомго карата АКШ долларынын расмий курсу жыл башынан тартып бир АКШ доллары үчүн 68,8395 сомдон 68,1800 сомго чейин 1,0 пайызга төмөндөгөн (2017-жылдын тиешелүү мезгилинде бир АКШ доллары үчүн 69,1367 сомго чейин 0,1 пайызга төмөндөгөн).

Отчеттук мезгил үчүн валюта рыногунун катышуучулары тарабынан чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу сом эквивалентинде 310,7 млрд. түзүү менен 47,3 пайызга өскөн. Валюта рыногунда чет өлкө валютасы менен операциялардын көпчүлүгү АКШ долларында (57,4 пайыз) ишке ашырылган. Рыноктун катышуучуларынын орус рублинде бүтүмдөргө келишүү кызыкчылыгы 54,2 пайызга, евродо – 32,5 пайызга, казак теңгесинде – 47,5 пайызга өскөн. Мында, аталган операциялардын олуттуу бөлүгүн коммерциялык банктардын жана алмашуу бюролорунун нак акча операциялары ээлеген.

МАЗМУНУ

### Акча рыногу

Бүтүндөй алганда, акча рыногу катышуучулар ортосунда ликвиддүү каражаттарды бөлүштүрүүнү камсыз кылуу аркылуу туруктуу иш алып барган. Аталган рынок финансы рыногунун маанилүү сегменттеринин бири бойдон калган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ликвиддүү жана ишенимдүү мамлекеттик баалуу кагаздары боюнча банктык порфелинин, Улуттук банктын ноталарынын көбөйүшүнөн жана Улуттук банктын кайра каржылоо операцияларынын жеткиликтүүлүгүнүн сакталышынан улам финансы-кредит уюмдарында ликвиддүүлүктүн жетишсиздигинин пайда болуу ыктымалдыгы бир аз гана болгон.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто эң башкысы репо-операциялардын көбөйүшүнөн улам банктар аралык кредиттердин көлөмүнүн 22,5 млрд. сомго чейин (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 9,8 эсе) олуттуу өсүшү байкалган. Ушуга байланыштуу банктар аралык кредиттик ресурстарга карата орточо алынган чен 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы 1,87 пайыздан тартып 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында 2,57 пайызга чейин жогорулаган. Мында, банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин өзгөрүлмөлүүлүгү орточо алынган мөөнөттөрдүн төмөндөшү менен катар эле олуттуу төмөндөгөн.

Банктар аралык кредиттер түзүмүндө репо-операциялардын көлөмү 22,4 млрд. сомду түзгөн (12,8 эсе көбөйүү менен), анын үлүшү 99,7 пайыз деңгээлинде калыптанган. Репо-операциялар боюнча орточо салмактанып алынган чен 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы 1,53 пайыздан тартып кароого алынып жаткан мезгил ичинде 2,61 пайызга чейин өскөн. Улуттук валютадагы стандарттуу бүтүмдөрдүн көлөмү бир аз болуп, 65,7 млн. сомду (-87,3 пайызды) түзгөн, мында, чет өлкө валютасында стандарттуу бүтүмдөр келишилген эмес (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде операциялардын көлөмү сом эквивалентинде 34,1 млн. түзгөн).

Отчеттук мезгил ичинде банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында Улуттук банк тарабынан сунушталган “овернайт” кредиттеринин көлөмү 18,1 млрд. сомду түзгөн. Ушуну менен катар эле, коммерциялык банктардын каражаттарын “овернайт” депозиттерине жайгаштыруу көлөмү 492,0 млрд. сомду түзгөн (2017-жылдын биринчи жарым жылдыгынын көрсөткүчүнө салыштырганда -60,5 пайыз).

### 1.3.2. Баалуу кагаздар рыногунун абалы

Мамлекеттик баалуу кагаздардын биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 12 айлык мамлекеттик казына векселдерин жана мамлекеттик казына облигацияларын бардык мөөнөттөр боюнча жайгаштыруу аркылуу үзгүлтүксүз карыз алышууларды жүзөгө ашырууну уланткан. Инвесторлордо инвестициялык портфелди көбөйтүү боюнча үстөк ликвиддүүлүктүн жетиштүү деңгээли байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик казына векселдер рыногунда 12 айлык баалуу кагаздарды гана жайгаштыруу боюнча аукциондор өткөрүлгөн. 12 айлык мамлекеттик казына векселдеринин сунушунун көлөмү 2,0 млрд. сомду түзүү менен 27,4 пайызга көбөйгөн, бирок 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 12 айлык баалуу кагаздарга суроо-талаптын көлөмү 14,5 пайызга, 3,0 млрд. сомго чейин кыскарган. Натыйжада, 12 айлык мамлекеттик казына векселдеринин орточо алынган чени 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн 5,75 пайыздан 6,26 пайызга чейин өскөн. Бул активдердин жайгаштыруу көлөмү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 6,9 пайызга көбөйүү менен 1,8 млрд. сомду түзгөн. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик казына векселдер портфелинин жалпы көлөмү жыл башынан тартып 3,8 пайызга, 2,8 млрд. сомго чейин кыскарган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда мамлекеттик казына векселдерин сатып алуу/сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган эмес.

Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик казына облигациялар рыногунун үлүшү өсүүнү уланткан. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдөгү мамлекеттик казына

облигацияларынын портфели[4] 42,7 пайызга, 33,9 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасында берилген мамлекеттик казына облигацияларынын портфели биринчи аукцион өткөрүлгөн учурдан тартып өзгөрбөстөн, 49,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

Чет өлкө валютасында берилгендерди эске алганда, мамлекеттик казына облигациялар рыногу мурдагыдай эле, концентрацияланууунун жогорку деңгээли менен мүнөздөлгөн (0,26), бул рынокто төрт негизги катышуучунун (негизинен институционалдык инвесторлор) катышкандыгына дал келген. Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик казына облигацияларына карата суроо-талаптын жалпы көлөмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан сунуштун көлөмүн 1,8 эсе (8,9 млрд сомго чейин) жогорулаткан учурда 1,9 эсе (21,3 млрд. сомго чейин) көбөйгөн. Жыйынтыгында, кошумча жайгаштырууларды эске алганда, биринчилик рыногунда сатуунун көлөмү 2,1 эсе көбөйүү менен 13,1 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде бардык мөөнөттөр боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын кирешелүүлүгүнүн төмөндөө тенденциясы байкалган. Натыйжада, мамлекеттик казына облигациялар боюнча жалпы орточо алынган чен 2017-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 1,05 п.п., 12,42 пайызга чейин төмөндөгөн.

Мамлекеттик казына облигацияларынын жогорку ликвиддүүлүгүн эске алганда, экинчилик рыногунда алардын сатуу көлөмү 784,9 млн. сомду түзгөн.

Банк тутумунан үстөк ликвиддүүлүктү арылтуу максатында, Улуттук банк акча-кредит саясатынын алкагында сунуш көлөмүн жөнгө салуу аркылуу Улуттук банктын ноталарын сатуу боюнча аукциондорду өткөрүүнү уланткан. Улуттук банк тарабынан сунушталган ноталардын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 2017-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 16,7 пайызга, 74,1 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап 5,7 пайызга, 77,4 млрд. сомго чейин жогорулаган. Ушуга байланыштуу Улуттук банктын ноталарынын сатуу көлөмү 25,6 пайызга, 63,1 млрд. сомго чейин өскөн.

Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыктарына ылайык, отчеттук мезгил ичинде жалпы орточо алынган кирешелүүлүк өткөн жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 2,0 п.п., 3,1 пайызга чейин өскөн. Кирешелүүлүктүн өсүшүнүн себебинен болуп, жүгүртүү мөөнөтү 91 күн болгон Улуттук банктын ноталарынын сатылышы саналган, алардын кирешелүүлүгү жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 28 күн болгон активдердин кирешелүүлүгүнөн салыштырмалуу жогору болгон (Улуттук банктын 91 күндүк ноталарын жайгаштыруу боюнча аукциондор 2017-жылдын тиешелүү мезгилинде өткөрүлгөн эмес).

Банк тутумунда Улуттук банктын ноталар портфелинин жалпы көлөмү жыл башынан тартып 67,8 пайызга, 8,8 млрд. сомго чейин өскөн.

МАЗМУНУ

[4] Чет өлкө валютасында берилген мамлекеттик казына облигацияларын эске албаганда.

## 1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу

***Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк рыногунда баанын жана ишке ашырылган сатып алуу-сатуу бүтүмдөрүнүн алгылыктуу өсүш динамикасы байкалган.***

***2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча баа индекси[5] Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк рыногунда 5,2 пайызды түзгөн, кыймылсыз мүлктү сатып алуу-сатуу бүтүмдөрүнүн көлөмү тиешелүү мезгил ичинде 38,6 пайызга көбөйгөн.***

***Орточо эмгек акы деңгээлинин жогорулашы кыймылсыз мүлккө ээ болуу жагдайынын жакшыргандыгын мүнөздөө менен турак жайга ээ болуу индексине алгылыктуу таасирин тийгизген.***

***Финансы секторунда кыймылсыз мүлк рыногуна мүнөздүү тобокелдиктер орточо деңгээлде сакталууда, бул банктардын жалпы кредит портфелиндеги ипотекалык кредиттердин[6] үлүшүнүн анчалык жогору болбогондугу менен шартталган.***

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында 2017-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда турак жайга баа индексинин төмөндөгөндүгү байкалган (1.4.1-график, 1.4.2-график).

**1.4.1-график. Кыймылсыз мүлк рыногунда баа индексинин өсүш арымы**




*Булагы: КР МКК*

**1.4.2-график. Кыймылсыз мүлк рыногундагы базистик баа индексинин өсүш арымы[7]**




*Булагы: КР МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Отчеттук жылдын 30-июнуна карата абал боюна Бишкек шаарында турак жайдын (квартира) 1 чарчы метри үчүн орточо баа 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 1,0 пайызга, ал эми Ош шаарында 16,4 пайызга жогорулаган (1.4.3-график). Жеке турак үйлөрдүн 1 чарчы метри үчүн орточо баа Бишкек шаарында 13,5 пайызга жогоруласа, Ош шаарында 14,6 пайызга төмөндөгөн (1.4.4-график).

---

[5] Кыймылсыз мүлккө баа индексин түзүүдө Ласпейрес индекси ыкмасы колдонулган.
Жалпы алганда, Ласпейрес индекси төмөнкүчө аныкталат:

$$L=\left(\sum_{i=1}^{K} QoiPti \Big/ \sum_{i=1}^{K} QoiPoi\right)*100,$$

*мында K* = кыймылсыз мүлк түрлөрүнүн саны;
*Qoi* = базистик мезгилде i түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектилеринин саны;
*Poi* = базистик мезгилде i түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектисинин баасы;
*Pti* = өтүп жаткан мезгилде i түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектисинин баасы

[6] Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын шарттарында ипотекалык кредит катары, эрежедегидей эле, кыймылсыз мүлккө менчик укукту күрөөгө коюу алдында узак мөөнөткө сунушталган кредитти түшүнөбүз.

[7] Базистик мезгил катары 2010-жыл алынган.

Кыймылсыз мүлктү сатып алуу-сатуу бүтүмдөрүнүн саны карооого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 38,6 пайызга жогорулоо менен 18 122 түзгөн. Квартираларды жана үйлөрдү сатып алуу-сатуу бүтүмдөрү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 41,6 пайызга жана 34,0 пайызга жогорулоо менен тиешелүүлүгүнө жараша 11 137 жана 6 985 түзгөн.

**1.4.3-график. Турак жайларга баанын өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: КР МКК, КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.4-график. Жеке турак үйлөргө баанын өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: КР МКК, КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.5-график Турак жайды пайдаланууга берүү динамикасы**




*Булагы: КР МКК, КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*
*Эскертүү: бир мезгилдин акырына карата алынган маалыматтар*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча турак жай фондуларын ишке киргизүү көрсөткүчүнүн азайышы өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 3,0 пайызды түзгөн (1.4.5-график). Пайдаланууга берилген турак жай мүлкүнүн негизги үлүшү, мурдагыдай эле, Бишкек шаарына, Чүй областына, ошондой эле Ош шаарына жана Ош областына туура келген (1.4.1-таблица).



**1.4.1-таблица. Пайдаланууга берилген турак жай аянтынын географиялык түзүмү**

| | **I ж/ж 2017** | | **I ж/ж 2018** | |
|---|---|---|---|---|
| | *Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр* | *Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %* | *Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр* | *Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %* |
| Бишкек шаары жана Чүй областы | 187,4 | 41,0 | 160,3 | 36,2 |
| Ош шаары жана Ош областы | 99,2 | 21,7 | 96,0 | 21,7 |
| КРнын башка областтары | 170,0 | 37,2 | 186,5 | 42,1 |
| **Бардыгы болуп** | **456,6** | **100,0** | **442,8** | **100,0** |

*Булагы: КР УСК*

МАЗМУНУ

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата 2017-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда курулушту каржылоо кредиттеринин көлөмүнүн көбөйүүсү жана ипотекага берилген кредиттердин азаюусу байкалган. Ипотекага берилген кредиттердин жана курулушту каржылоо кредиттеринин жалпы көлөмү 5,7 млрд. сомду түзгөн (1.4.6-график).

**1.4.6-график. Бир мезгил ичиндеги курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин көлөмү**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: бир мезгил ичиндеги маалыматтар*

**1.4.7-график. Коммерциялык банктардын кредит портфелинде курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин чогуу алгандагы үлүшү**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: бир мезгилдин акырына карата алынган маалыматтар*

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча коммерциялык банктардын ипотекага жана курулушка чогуу алгандагы кредит портфели 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 20,1 млрд. сомду түзүү менен 29,1 пайызга көбөйгөн. Мында, коммерциялык банктардын кредит портфелиндеги курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин жалпы үлүшү 16,8 пайызды түзгөн, бул 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга караганда 1,5 п.п. көп (1.4.7-график).

**1.4.8-график. Классификацияланган кредиттердин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ипотекага жана курулушка берилген классификацияланган кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 1 473,9 млн. сомду түзгөн (1.4.8-график).

### 1-кыстырма. Турак жай менен камсыз болуу индекси

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасында турак жай менен камсыз болуу жагдайынын 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда бир аз жакшыргандыгы байкалган (индекс мааниси 0,1 жылга төмөндөгөн). Бул Кыргыз Республикасында орточо эмгек акы деңгээлинин жогорулашы менен шартталган (1-график).

**1-график. Минималдуу керектөө бюджетин эске албаганда, турак жай (квартира) менен камсыз болуу индекси**




**2-график Минималдуу керектөө бюджетин эске алганда, турак жай (квартира) менен камсыз болуу индекси**




2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында аянты 54 чарчы метр болгон квартира сатып алуу үчүн болгон эмгек акыны 6,4 жыл бою топтоо зарыл эле.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча өлкөдө минималдуу керектөө бюджети 14 698,6 сомду (үй-бүлөнүн чогуу алгандагы кирешесинин 47,7 пайызы) түзгөн үй-бүлөнүн турак жай сатып алуусу үчүн 12,2 жыл талап кылынган (2-график).

МАЗМУНУ

МАЗМУНУ

**2-кыстырма. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүүсүнүн банк секторуна таасирин стресс-тесттен өткөрүү [8]**

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча банктардын кредит портфелинде күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлк менен камсыздалган кредиттердин үлүшүнө кредиттердин жалпы санынын 70,1 пайызы туура келген.

Банк сектору үчүн кредиттик тобокелдиктер, күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлк наркынын кредит боюнча төлөө калдыгынан төмөн болушу жана карыз алуучунун кредитти андан ары төлөөдөн баш тартуу ыктымалдыгы менен шартталган.

Стресс-тесттен өткөрүү[9] орду жабылбаган ссудалардан улам келип чыгышы мүмкүн болгон жоготууга саны боюнча баа берүүгө, ошондой эле чабал банктарды (банктык топторду) аныктоого багытталган.

**1-схема. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүүсүнүн банк секторунда кредиттик тобокелдик деңгээлине тийгизген таасирин стресс-тесттен өткөрүүнүн жыйынтыктары**

| Сценарий | Банк секторунун потенциалдуу жоготуулары | Ири банктардын потенциалдуу жоготуулары | Капитал шайкештиги ченемин бузуу тобокелдиги* |
|---|---|---|---|
| "Мурдатан калыптанган"* (кыймылсыз мүлккө баанын жыл ичинде 23% төмөндөшү) | ----- | ----- | 5 банк |
| "Альтернативдүү" (кыймылсыз мүлккө 2 жыл ичинде баанын 40% төмөндөшү) | ----- | ----- | 6 банк |
| "Терс" (кыймылсыз мүлккө баанын жыл ичинде 50% төмөндөшү) | -11,9 млрд сом | -2,2 млрд сом | 8 банк |

** 2008-жыл жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлккө баа 23 пайызга төмөндөгөн.*

Стресс-тестке кошумча банктар потенциалдуу түрдө чыгымга дуушар боло баштаган кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөөсүнүн чектүү деңгээли аныкталган. Банк сектору кыймылсыз мүлккө баанын 35 пайызга төмөндөөсүндө чыгым тарта баштайт.

[8] Стресс-тест, 2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча коммерциялык банктардан сурамжылоо аркылуу алынган маалыматтын негизинде өткөрүлгөн.
[9] Коммерциялык банктарды сурамжылоо аркылуу алынган маалымат боюнча.

**2-схема. 2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча өткөрүлгөн стресс- тесттин жыйынтыгына салыштырма талдап-иликтөө жүргүзүү**

| | 2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча стресс-тест | 2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча стресс-тест |
|---|---|---|
| **Банк сектору** | 1- Сценарий: ---------<br>2- Сценарий: ---------<br>3- Сценарий: -20,2 млрд сом | 1- Сценарий: ---------<br>2- Сценарий: ---------<br>3- Сценарий: -11,9 млрд сом |
| **Ири банктар** | 1- Сценарий: ---------<br>2- Сценарий: ---------<br>3- Сценарий: -10,0 млрд сом | 1- Сценарий: ---------<br>2- Сценарий: ---------<br>3- Сценарий: -2,1 млрд сом |
| Баа төмөндөгөн учурда кредиттик тобокелдикке дуушарланышы ыктымал болгон банктар | *5 банк* | *5 банк* |
| Кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү деңгээли | *банк сектору боюнча: **28%*** | *банк сектору боюнча: **35%*** |
| Капитал шайкештиги ченемин бузуу тобокелдиги келип чыгышы ыктымал болгон баанын төмөндөө деңгээли | *банк сектору боюнча: **49%*** | *банк сектору боюнча: **56%*** |

Стресс-тест боюнча эсептөөлөрдө банктын саясаты эске алынган эмес, ага ылайык банктар күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктү баалоо наркын күрөөнүн рыноктук наркынын 20 пайызына чейинки суммага төмөндөтө алышат. Ушуну эске алганда, кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү мааниси 20 пайызга жогорулашы мүмкүн.

# II. БАНК СЕКТОРУ

***2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында банк секторунун активдер, кредит портфели жана ресурстук база сыяктуу негизги көрсөткүчтөрүнүн өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда өсүшү байкалган. Банк секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүш арымынын экономикалык өсүш арымынан артышы шартында банктардын финансылык ортомчулук деңгээлинин өсүшү сакталган.***

***Банк секторунун системалуу тобокелдиги кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча орточо катары бааланат. Банк секторунун капиталынын шайкештигинин жогорку деңгэлге ээ болушу финансылык ортомчулук деңгээлин, иш натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу жана келечекте банк секторунун туруктуулугун камсыз кылуу потенциалына ээ экендигин тастыктап турат.***

## 2.1. Негизги тенденциялар

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча[10] Кыргыз Республикасынын аймагында 25 коммерциялык банк (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) жана алардын 320 филиалы иштеп турган, анын ичинде 18 банк – чет өлкө капиталын тартуу менен иш алып барган, алардын ичинен 15 банк 50 пайыздан көбүрөөк өлчөмдөгү чет өлкө капиталынын катышуусунда ишкердигин жүргүзгөн. Республиканын бардык банк мекемелери ишинин түрү боюнча универсалдуу болуп саналат.

### *Активдер*

Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча банк секторунун активдеринин көлөмүнүн өсүшү белгиленген. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк секторунун активдери өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 15,0 пайызга көбөйүү менен 211,4 млрд. сомду түзгөн (2.1.1-график).

**2.1.1-график. Банк секторунун активдеринин динамикасы**




Активдердин өсүшү, негизинен төмөнкүлөрдүн көбөйүүсүнүн эсебинен камсыз болгон:

- кредит портфелинин 17,3 пайызга же 17,6 млрд. сомго;
- баалуу кагаздардын 44,2 пайызга же 6,7 млрд. сомго;
- нак акчалардын жана корреспонденттик эсептердин 11,8 пайызга же 5,1 млрд. сомго.

Кредит портфелинин активдер түзүмүндө салыштырма салмагы 2017-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,1 п.п. көбөйүү менен 56,6 пайыз чегинде катталган.

[10] Маалыматтар коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетуна ылайык келтирилген (ПРБО).

### *Кредит портфели*

Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында банктардын кредит портфелинин өсүшү экономиканын бардык тармактары боюнча байкалган.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк секторунун кредит портфелин долларлаштыруу деңгээли өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 4,0 п.п. азаюу менен 37,6 пайызды түзгөн (2.1.2-график).

**2.1.2-график. Банк секторунун кредит портфелинин динамикасы**




*"*ФКУларга берилген кредиттерди жана атайы РППУну эске албаганда"*

**2.1.3-график. Кредит портфелинин мөөнөттүүлүк боюнча түзүмү**




**ФКУларга берилген кредиттерди жана атайы РППУну эске албаганда*

Кредит портфелдин түзүмүндө мөөнөттүүлүгү боюнча негизги үлүш 1 жылдан 3 жылга чейинки орто мөөнөттүү кредиттерге туура келген жана кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 44,1 пайызды же 52,7 млрд. сомду түзгөн (2.1.3-график).

### *Милдеттенмелер*

Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банк секторунун милдеттенмелери өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 177,5 млрд. сомду түзүү менен 15,2 пайызга көбөйгөн.

Жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттери кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 17,7 пайызга көбөйгөн жана 121,7 млрд. сом чегинде катталган (2.1.4-график). Жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин салыштырма салмагы банк милдеттенмелеринде 1,4 п.п. көбөйүү менен 68,5 пайызды түзгөн.

Тартылган каражаттардын жалпы көлөмүндө чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 2,0 п.п. азаюу менен 43,2 пайыз же 76,6 млрд. сом чегинде катталган (2.1.5-график).

**2.1.4-график. Банктардын милдеттенмелеринин ресурстар булагы боюнча түзүмү**




**2.1.5-график. Банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери**




МАЗМУНУ

### *Финансылык натыйжалар*

**2.1.6-график. Банк секторунун рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү**




2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 2017-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусу белгиленген[11]:

- ROA 1,3 пайызды түзгөн;

- ROE 8,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Банк секторунун таза пайдасы 1 326,1 млн. сомду түзгөн (2.1.6-график).



### *Капиталдын шайкештиги*

Капиталдын шайкештиги ченеминин минималдуу мааниси 12 пайыз деңгээлинде белгиленген шартта, 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда өзгөрбөстөн, 24,0 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2.1.7-график).

**2.1.7-график. Капиталдын шайкештиги**




Мында, банк секторунун капиталынын кароого алынып жаткан жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча түптөлгөн шайкештигинин айкын деңгээли тобокелдүү жана кирешелүү активдер көлөмүн, капиталдын шайкештигинин белгиленген ченеминин деңгээли сакталган шартта, 2 эсеге кошумча көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

Жогоруда белгиленгендер, банк секторунун терс таасирлерге салыштыр-малуу туруштук берүүгө жөндөмдүү экендигин, ошондой эле келечекте финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатуу жана банк сектору натыйжалуу иштеши үчүн белгилүү бир потенциалга ээ экендигин күбөлөндүрөт.

[11] ROA, ROE көрсөткүчтөрү жылдык мааниде берилген.

## 2.2. Банк секторунда орун алган тобокелдиктер

### *2.2.1. Кредиттик тобокелдик*

*Кредиттик тобокелдик* банк ишинде кездешүүчү негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат.

Банктардын кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 8,4 пайыздан 7,4 пайызга чейин төмөндөгөн (2.2.2-график).

**2.2.1-график. Кредит портфелинин динамикасы**




**2.2.2-график. Кредит портфелинин сапаты**




Коммерциялык банктардын кредит портфелинин сапатына баа берүү үчүн кредиттерди классификациялоо системасы колдонулат[12], ал кайтарылбай калган кредиттерден улам келип чыгышы ыктымал болгон потенциалдуу чыгымдардын деңгээлин аныктоого жана өз убагында тиешелүү камдарды түзүү аркылуу компенсациялоого мүмкүндүк берет (2.2.3-график ).

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча активдердин кайтарылбай калуу тобокелдигинин көрсөткүчү (атайын РППУ менен кредит портфелинин катышы) 4,1 пайыз деңгээлинде катталган.

[12] Кредит портфелинин сапатына баа берүү максатында, кардардын банк алдында өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жараша бардык кредиттерди алты категорияга бөлүү каралган (классификациялардын начарлоосу боюнча): нормалдуу, канааттандырарлык, байкоого алынган, субстандарттык, шектүү жана жоготуулар. Берилген каражаттарды кайтаруу көз карашынан алганда, кыйла алгылыксыз мүнөздөмөгө ээ акыркы үч категориядагы кредиттерди «иштебеген» же «классификацияланган» кредиттерге кошуу кабыл алынган. Кредиттердин көрсөтүлгөн алты категориясынын ар бирине банк ошол категорияга ылайык келген, берилген кредиттердин суммасынан пайыз катары аныкталган кам түзүүгө милдеттүү.

### 2.2.3-график. Кредит портфелинин сапаттык көрсөткүчү




Коммерциялык банктар тарабынан түзүлгөн камдардын чогуу алгандагы көлөмү кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 6,7 пайызын (2017-жылдын 30-июнуна карата бул көрсөткүч 7,2 пайызды) түзгөн. Мында отчеттук мезгил ичинде атайын РППУ үлүшү камдардын жалпы көлөмүнүн 61,5 пайызын түзгөн (2.2.4-график).

### 2.2.4-график. Жалпы жана атайын камдар




### 2.2.5-график. Экономиканын тармактары боюнча классификацияланган кредиттер көлөмү




2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата кредиттик тобокелдиктин көбүрөөк топтолушу мурдагыдай эле экономиканын соода тармагында байкалган (2.2.5-график).

**3-кыстырма. Кредиттөө боюнча коммерциялык банктардын кардарларына жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыктары**

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча (карыз алуучулардын кредиттеринин чогуу алгандагы көлөмүнүн 50,5 пайызы) карыз алуучуларга берилген кредиттердин олуттуу бөлүгү мурдагыдай эле, экономиканын өндүрүш секторуна багытталган[13], бул банк секторунун өлкө ИДӨсүн түзүүгө катышкандыгын күбөлөндүрөт жана берилген кредиттердин 17,9 пайызы импортту каржылоого багытталган (1-график ).

**1-график. 2018-жылдын 30-июнуна карата кредиттердин тармактык түзүмү**




Жергиликтүү банктардын кредит портфелинин 61,9 пайызы өндүрүш секторуна (ИДӨ) жана 15,0 пайыз – импортту каржылоого багытталган. Чет өлкө банктары да көбүнчө экономиканын өндүрүш секторун (43,4 пайыз) каржылашат, ал эми импортту каржылоого багытталган кредиттердин үлүшү кароого алынып жаткан мезгил ичинде кредит портфелинин 19,7 пайызын түзгөн (2-график ).

**2-график. 2018-жылдын 30-июнуна карата банктардын топтору боюнча кредиттердин тармактык түзүмү**







*Булагы: маалыматтар коммерциялык банктарды сурамжылоонун натыйжасында алынган*

[13] Өндүрүштүк сектор дегенден улам, банк кардарларынын товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү (курулуш, байланыш кызматы жана ТТС, транспорт кызмат көрсөтүүлөрү, кыймылсыз мүлктүн ижарасы, мейманкана, тойканалар ж.б.) өндүрүүгө байланыштуу жүргүзгөн ишин түшүнүүгө болот.

## 4-кыстырма. Коммерциялык банктардын ири кардарларын иликтөөнүн натыйжалары

*Карыз алуучулардын төлөө жөндөмдүүлүгү*

Банктардын 15 ири кардарларынын карыз оорчулугунун DTI[14] көрсөткүчү менен эсептелген деңгээли 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 6,7 пайызды түзгөн.

**1-график. Банктардын 15 ири карыз алуучусу боюнча DTI деңгээли**




Банктардын топтору боюнча көбүрөөк карыз оорчулугу **чакан банктардын** ири карыз алуучуларында байкалган (карыз алуучунун негизги кирешесинен 7,8 пайыз) (1-таблица ). Ошол эле учурда карыз оорчулугунун азыраак деңгээли **ири банктардын** ири карыз алуучуларында белгиленген.

**1-таблица. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк кардарларынын карыз оорчулугу***

| | **Банк сектору** | **Ири банктар** | **Орто банктар** | **Чакан банктар** |
|---|---|---|---|---|
| Кредит боюнча карыздардын калдыгы, *млрд. сом* | 26,7 | 16,1 | 3,3 | 7,3 |
| 15 ири карыз алуучунун кредиттеринин салыштырма салмагы банк секторунун кредит портфелинин жалпы көлөмүндө, *пайыздарда* | 22,4 | 23,8 | 11,1 | 33,9 |
| Кредит боюнча карыздарды тейлөөгө кеткен чыгашалардын карыз алуучулардын жалпы кирешесине болгон катышы, *пайыздарда* | 6,7 | 6,0 | 7,0 | 7,8 |

*Булагы: коммерциялык банктардын маалыматтары, Улуттук банктын эсептөөлөрү*
** Ар бир коммерциялык банктын 15 ири карыз алуучусу боюнча маалыматтар*

Карыз оорчулугунун деңгээли жергиликтүү банктарга караганда, чет өлкө банктарында жогору болгон (2-таблица ).

[14] DTI (debt-to-income) – карыз алуучулардын кредиттер боюнча төлөө суммасынын (отчеттук мезгил ичиндеги негизги карыздын суммасын жана пайыздык төлөмдөрдү кошо алганда) кредит берүү учуруна карата карыз алуучунун негизги жылдык кирешесине катышы.

**2-таблица. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү жана чет өлкө банктарындагы карыз оорчулугу***

| | Жергиликтүү банктар | Чет өлкө банктары |
|---|---|---|
| Кредит боюнча карыздардын калдыктары, *млрд сом* | 8,2 | 18,5 |
| Банк секторунун кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 15 ири карыз алуучунун кредиттеринин салыштырма салмагы, *пайыздарда* | 18,0 | 25,2 |
| Кредит боюнча карыздарды тейлөөгө чыгашалардын карыз алуучулардын жалпы кирешесине болгон катышы, *пайыздарда* | 4,3 | 9,0 |

*Булагы: коммерциялык банктардын маалыматтары, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

** Ар бир коммерциялык банктын 15 ири карыз алуучусу боюнча маалыматтар*

*Карыз алуучулардын кредиттеринин камсыздалышы*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк секторунун LTV[15] айкын деңгээли 48,7 пайызды түзгөн. Күрөөлүк камсыздоо боюнча түптөлгөн деңгээл кредиттик каражаттардын күрөөлүк мүлк менен жогорку деңгээлде камсыздалгандыгын көрсөтүп турат (2-график ).

**2-график. Бардык карыз алуучулар жана ар бир коммерциялык банктын 15 ири карыз алуучусу боюнча LTV деңгээли**




**3-график. 2018-жылдын 30-июнуна карата банктар топтору боюнча бардык карыз алуучулар жана 15 ири карыз алуучусу боюнча LTV деңгээли**




Мында ири банктардагы LTV мааниси чакан жана орто банктарга жана бүтүндөй банк секторуна караганда төмөн (3-график ).

[15] LTV (loan-to-value ratio) – берилген кредиттер көлөмүнүн күрөөлүк камсыздоо наркына карата катышы.



МАЗМУНУ

### *2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Калктын банк секторуна ишеними банктардын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарылышына жараша болот, бул банктарда ликвиддүүлүк деңгээлинин жетиштүү болушун билдирет. Жөнгө салуу максатында, күндөлүк ликвиддүүлүктүн экономикалык ченеминин жардамы аркылуу ликвиддүүлүк тобокелдигине баа берилет[16].

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициентинин 64,4 пайыздан (2017-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча) 65,5 пайызга чейин көбөйгөндүгү (2.2.11-график) белгиленген.

**2.2.11-график. Банк секторунун ликвиддүүлүк көрсөткүчтөрү**




**2.2.12-график. Акча массасынын (М2) жана акча базасынын өсүш арымы**




Банк секторунун ликвиддүүлүк коэффициентинин көбөйүшү ликвиддүү активдердин өсүш арымынын күндөлүк милдеттенмелердин өсүш арымынан арткандыгы менен шартталган.

**2.2.1-таблица. Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөттөрү**

*2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча, млн. сом*

| Аталышы | Төлөө мөөнөттөрү | | | | | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 айга чейин | 1-3 ай | 3-6 ай | 6-12 ай | 12 айдан жогору | |
| Бардыгы болуп финансылык активдер, | 68 520 | 13 887 | 12 512 | 19 775 | 102 703 | 217 397 |
| анын ичинде кардарларга кредиттер жана финансылык ижара | 5 192 | 5 358 | 7 916 | 16 654 | 83 808 | 118 927 |
| Бардыгы болуп финансылык милдеттенмелер анын ичинде жеке адамдардын депозиттери | 93 111 | 8 401 | 18 006 | 17 729 | 34 788 | 172 035 |
| жана юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 36 715 | 6 283 | 8 058 | 13 937 | 13 802 | 78 795 |
| Ажырым | -24 591 | 5 486 | -5 494 | 2 046 | 67 914 | 45 361 |
| анын ичинде кредиттер жана депозиттер боюнча | -31 523 | -925 | -142 | 2 716 | 70 005 | 40 132 |

[16] Күндөлүк ликвиддүүлүктүн экономикалык ченеми – бул банк милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон Улуттук банк тарабынан белгиленген ченемдердин бири, ага ылайык ликвиддүү активдер (банктардын кассаларындагы жана корреспонденттик эсептериндеги каражаттарды камтыган аталган көрсөткүчтү эсептөө үчүн) кыска мөөнөттүү милдеттенмелердин 45 пайызынан кем эмес деңгээлде болуусу зарыл.

## *2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги*

### *Ири каржылоо булактарынын концентрацияланышы*

Кайтарым стресс-тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча айрым банктар бирден бешке чейин ири каржылоо булактарынын[17] агылып чыгуусуна байланыштуу таасирлерге туруштук бере алышкан эмес (ликвиддүүлүк ченеми 45 пайыздык чектен төмөндөгөн).

### *Кредиттердин концентрацияланышы*

Айрым банктарда бирден бешке чейинки ири карыз алуучулардын[18] потенциалдуу дефолтко дуушарлануусу регулятивдик капиталды Улуттук банктын экономикалык ченеминен төмөндөтүшү мүмкүн.

**2.2.13-графиктер. Кредит портфелинин тармактык концентрацияланышы**




Бардык тармактарда кредиттөө көлөмүн көбөйтүүнүн натыйжасында кредит портфелинин тармактык түзүмүндө соодага берилген кредиттердин концентрациялануу деңгээлинин төмөндөөсү байкалган.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча соодага берилген кредиттердин үлүшү 31,0 пайыздан 29,5 пайызга чейин азайган (2.2.13-график).

[17] Ири каржылоо булактары кредиторлордун жана аманатчылардын каражаттарын (алынган кредиттер, эсептешүү эсептери, талап боюнча төлөнүүчү депозиттер жана мөөнөттүү депозиттер) түшүндүрөт.

[18] Мында, банк боюнча беш ири карыз алуучунун жалпы карызын түшүнүүгө болот.

## *2.2.4. Валюта тобокелдиги*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк секторунун *тике валюта тобокелдиги* орточо деңгээлде орун алган.

**2.2.14-график. USD/KGS номиналдык алмашуу курсунун динамикасы**




Бүтүндөй алганда, банктар активдеринин жана милдеттенмелеринин ачык валюта позицияларын Улуттук банк белгилеген экономикалык ченемдердин лимиттеринин чегинде кармап турган.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында банк секторунун валюта позициясына кайра баа берүүдө орун алышы ыктымал болгон тобокелдик минималдуу деңгээлде катталган (VaR: таза суммардык капиталдан 0,1-1,0 пайыз, 2.2.15-график).

**2.2.15-график. Ачык валюта позициясынын (ОВП) жана кайра баалоо тобокелдигинин динамикасы (VaR)**
*ТСКдан пайыздарда*




**2.2.16-график. Банктардын валюталык позициясы**




МАЗМУНУ

### 5-кыстырма. Кыйыр валюта тобокелдиги аркылуу кредиттик тобокелдик

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата абал боюнча чет өлкө валютасы менен төлөнгөн кредиттер кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 24,6 пайызын түзгөн, мында карыз алуучулардын кирешелери улуттук валютада топтоштурулган (1-график). Кредит портфелинин бул көлөмү валюта тобокелдигинин таасири аркылуу потенциалдуу кредиттик тобокелдикке дуушарланган (кыйыр валюта тобокелдиги).

Валюта тобокелдигинин кредиттик тобокелдикке тийгизген кыйыр таасирин тастыктоо 2-графикте көрсөтүлгөн, анда кредиттер тобу боюнча алганда классификацияланган кредиттердин үлүшү чагылдырылган:

- 1-топ – 13,7 пайыз, карыз алуучунун негизги кирешелери улуттук валютада топтоштурулат, ал эми кредиттер чет өлкө валютасында төлөнөт;
- 2-топ – 5,4 пайыз, карыз алуучу тарабынан бирдиктүү валютада төлөнүүгө тийиш болгон негизги кирешелер жана кредиттер;
- 3-топ – 2,5 пайыз, карыз алуучунун негизги кирешелери чет өлкө валютасында топтоштурулат, ал эми кредиттер улуттук валютада төлөнөт.

**1-график. Кредиттер тобу боюнча кредит портфели***




**2-график. Классификацияланган кредиттердин кредиттер тобу боюнча үлүшү****




*Булагы: маалыматтар ПРБОнун 37-бөлүгүнүн негизинде эсептелинген, кредит портфелинин көлөмү овердрафт боюнча кредиттерди эске алуусуз көрсөтүлгөн.*

** бул графикте кредиттердин топтор боюнча бөлүштүрүлүшү көрсөтүлгөн. Мисалы, 1-топ боюнча кредиттердин көлөмү отчеттук күнгө карата 29,0 млрд. сомду же кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 24,6 пайызын түзгөн (118,0 млрд. сом).*

*** бул графикте кредиттердин ар бир тобу боюнча кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү чагылдырылган. Мисалы, отчеттук күнгө карата 1-топ боюнча классификацияланган кредиттердин көлөмү 4,0 млрд. сомду же 1-топ боюнча кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 13,7 пайызын түзгөн (29,0 млрд.сом).*

## 2.2.5. Пайыздык тобокелдик

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча пайыздык тобокелдиктин орточо деңгээли байкалган.

**2.2.17-график. Пайыздык тобокелдик динамикасы (VaR)** *ТСКдан пайыздарда*




Пайыздык тобокелдиктин (VaR) таза суммардык капиталдын 4,0 пайызынан 3,5 пайызына чейин бир аз төмөндөөсү пайыздык чендердин өзгөрүшүнө таасирин тийгизген финансы активдери менен милдеттенмелеринин ортосундагы төлөө мөөнөттөрү боюнча ажырымдардын азаюусу менен шартталган.

2013-2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы аралыгында пайыздык тобокелдиктин орточо өлчөмү жол берилген (таза суммардык капиталдан 2-4 пайыз) чекте болгон.

**2.2.18-график. Жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттеринин орточо салмактанып алынган пайыздык чендеринин динамикасы**




**2.2.19-график. Пайыздык тобокелдикке дуушар болгон активдердин жана милдеттенмелердин кумулятивдик ажырымы**




МАЗМУНУ

## 2.2.6. "Дуушарлануу" тобокелдиги

Банктар аралык кредиттөөдө орун алышы ыктымал болгон "дуушарлануу" тобокелдигине баа берүү мындай талдап-иликтөөнүн максаты болуп саналат, ал ликвиддүүлүккө тиешелүү көйгөйлөр келип чыккан шартта, бири-бирине таасирин тийгизиши мүмкүн.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банктар аралык рынокто резидент-банктар ортосунда келишилген бүтүмдөр көлөмү 2017-жылдын ушул мезгилине салыштырганда, 9,8 эсе көбөйүү менен 22,5 млрд. сомду[19] түзгөн.

**2.2.20-график. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде резидент-банктар ортосунда келишилген банктар аралык кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмүн күрөөлүк камсыздоого жараша бөлүштүрүү**




Кыргыз Республикасынын банк секторунда банктар аралык рыноктогу кредиттердин орду, негизинен, жогорку ликвиддүү мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндө күрөөлүк камсыздоо менен жабылат (2.2.20-график).

Жалпысынан, өлкөнүн банктар аралык рыногунда "дуушарлануу" тобокелдигинин орун алуу ыктымалдыгы минималдуу, бул жогорку ликвиддүү күрөөлүк камсыздоо менен шартталган.

[19] Мында 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде резидент-банктар ортосунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүн түшүнүүгө болот.

## 2.2.7. Өлкөлүк тобокелдик[20]

2018-жылдын 30-июнуна карата резидент эместерде жайгаштырылган активдердин көлөмү, жалпысынан, 25,1 млрд. сомду же банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 11,5 пайызын түзгөн. Жайгаштыруулардын көбүрөөк концентрацияланышы Кыргыз Республикасынын банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 6,8 пайызы (же 15,0 млрд. сом) Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна[21] кирген өлкөлөрдүн аймагында байкалган.

**2.2.21-график. Активдердин географиялык түзүмү**




Чет өлкөдө жайгаштырылган активдердин негизги үлүшү корреспонденттик жана депозиттик эсептерде 21,5 млрд. сом өлчөмүндө же резидент эместерде жайгаштырылган активдердин жалпы көлөмүнүн 85,5 пайызында топтолгон.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасындагы банктардын резидент эместердин алдындагы милдеттенмелери 23,8 млрд. сомду же банк секторунун милдеттенмелеринин жалпы көлөмүнүн 13,8 пайызын түзгөн. Бул ресурстардын негизги үлүшү 22,7 млрд. сом же резидент эместер алдындагы милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 95,3 пайызы өлчөмүндө кредиттер жана депозиттер түрүндө резидент эмес банктардан тартылган. Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөргө банк секторунун милдеттенмелеринин жалпы көлөмүнүн 9,7 пайызы, ал эми Россия жана Казакстанга, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,1 жана 0,8 пайызы туура келет (2.2.22-график).

МАЗМУНУ

[20] Маалыматтар Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун 1-бөлүгүнүн негизинде берилген
[21] Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму.

**2.2.22-график. Милдеттенмелердин географиялык түзүмү**




**2.2.23-график. Өлкө белгиси боюнча уставдык капитал**




2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча чет өлкө капиталы 11,4 млрд. сомду же банк секторунун уставдык капиталынын жалпы көлөмүнүн (23,0 млрд. сом) 49,6 пайызын түзгөн. Чет өлкө капиталынын негизги үлүшү төмөнкүлөргө таандык (2.2.23-график):

- Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмунун резиденттерине – 25,1 пайыз;
- Казакстандын резиденттерине – 17,9 пайыз;
- Россиянын резиденттери – 2,3 пайыз.

МАЗМУНУ

## 2.3. Банк секторуна “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү

### *2.3.1. Кредиттик тобокелдикке “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү*[22]

Кредиттик тобокелдикке “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү аркылуу кредит портфелиндеги “классификацияланбаган” кредиттердин[23] максималдуу жол берилген үлүшү эсептелген, ал “классификацияланган” кредиттер категориясына өткөрүүдө капиталдын жетиштүүлүк коэффициентин чектүү 12 пайыз деңгээлине чейин төмөндөтүшү мүмкүн.

Бул ыкма банктардын буфердик капиталынын (таза суммардык капиталдын) запасын аныктоого мүмкүндүк берет, ал “классификацияланбаган” кредиттерди “классификацияланган” кредиттер[24] категориясына өткөрүүгө байланыштуу РППУ боюнча кошумча чегерүүлөрдүн ордун жаба алат.

Мындан тышкары, бул ыкма классификацияланган кредиттердин максималдуу өсүш арымын эсептөөгө мүмкүндүк берет, мында капиталдын (К2.1) шайкештиги чектүү 12 пайыз деңгээлине чейин төмөндөйт.

2018-жылдын 30-июнуна карата банк секторуна “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүүнүн натыйжасында, “классификацияланган” кредиттер категориясына өткөрүлгөн “классификацияланбаган” кредиттердин максималдуу жол берилген үлүшү банк сектору боюнча орточо алганда 56,5 пайызды түзгөн (2.3.1-график). 2014-жылдан тартып бул көрсөткүчтүн өсүү тенденциясы кредит портфелинин түзүмүнүн жакшыргандыгын билдирет.

Ошентип, банк сектору кредит портфелинин сапатынын олуттуу начарлашына туруштук бере алат, анын ордун жабуу үчүн орточо алганда таза суммардык капиталдын 50,0 пайызына чейин кошумча РППУ түзүү талап кылынат (2.3.2-график).

МАЗМУНУ

**2.3.1-график. "Классифицияланган" кредиттерге өтүүчү "иштеп жаткан"[25] кредиттердин максималдуу жол берилген үлүшү[26]**
*Классификацияланбаган кредиттерден пайыздарда*




**2.3.2-график. Капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12 пайызга чейин төмөндөшү мүмкүн кошумча РППУ**
*ТСКдан пайыздарда*




---

[22] Проблемалуу банктарды эске албаганда.
[23] Тобокелдүү болуп саналбаган, “нормалдуу” категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[24] Мында “иштеп жаткан” кредиттерди “классификацияланган” кредиттер категориясына өткөрүү үч категория (“субстандарттык”, “шектүү” жана “жоготуу”) боюнча бирдей жүрөт.
[25] “Нормалдуу” категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[26] Мында капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12 пайыз деңгээлге чейин төмөндөйт.

## *2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигине “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү*

**2.3.3-график. Депозиттердин агылып чыгуу өлчөмү, мында КЗ 45 пайызга чейин төмөндөйт** *кардарлардын депозиттеринин жалпы көлөмүнөн пайыздарда*




Банк секторунун ликвиддүүлүк тобокелдигине баа берүү үчүн, ликвиддүү активдердин запасы эсептелген, ал Улуттук банктын күндөлүк ликвиддүүлүк боюнча белгиленген экономикалык ченемин сактоо менен калктын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин массалык агылып чыгуусунун ордун жаба алат:

**Таасир** – жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин агылып чыгуусунун максималдуу көлөмү, ал ликвиддүүлүк ченемин чектүү 45 пайыз деңгээлге чейин төмөндөтө алат.

“Кайтарым” стресс-тестирлөөнү жүргүзүү жыйынтыктары (2.3.3-график) 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата абал боюнча банк секторунун ликвиддүү активдеринин айкын көлөмү калктын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин жалпы көлөмүнүн орточо алганда 30,4 пайыз өлчөмүндө агылып чыгуусунун ордун жабууга жөндөмдүү экендигин көрсөтүп турат (2.3.1-таблица).

МАЗМУНУ

### 2.3.3. *Рынок тобокелдигине “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү*

Жалпысынан, рынок тобокелдигине “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүүнүн натыйжалары банк сектору 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын акырына карата тике пайыздык жана валюта тобокелдиктерине бир аз гана дуушарланышы мүмкүн экендигин көрсөткөн.

#### *Пайыздык тобокелдик*

**1-сценарий** – кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин төмөндөшү, мында капиталдын шайкештик деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым”стресс-тестирлөөнүн натыйжалары банк секторунун тике пайыздык тобокелдикке бир аз гана дуушарланышын көрсөтүп турат. Кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээлинин 15,7 пайыздык пунктка төмөндөшү капиталдын шайкештик деңгээлин 12 пайызга чейин төмөндөтүшү мүмкүн (2.3.1-таблица).

Жалпысынан алганда, “кайтарым” стресс-тестирлөөнүн натыйжалары боюнча банк сектору пайыздык тобокелдиктин төмөн деңгээлине ээ.

#### *Валюта тобокелдиги (кайра баа берүү тобокелдиги)*

Банк секторунун валюта тобокелдигине баа берүү үчүн АКШ долларынын курсунун максималдуу өсүш арымы /төмөндөөсү эсептелген, ал капиталдын шайкештигине жана таза пайдага таасирин тийгизет.

**1-сценарий** – USD/KGS курсунун максималдуу өсүш арымы/төмөндөөсү, мында капиталдын шайкештик (К2.1) деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тестирлөөнүн эсептөөлөрү банк секторунда активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоо тобокелдигинин төмөн экендигин көрсөтүү менен тике валюта тобокелдигине төмөн деңгээлде дуушарланышы мүмкүн экендигин тастыктайт (2.3.1-таблица).

**2-сценарий** – USD/KGS курсунун максималдуу өсүш арымы/төмөндөөсү, мында коммерциялык банктардын таза пайдасы нөл көрсөткүчүндөгү деңгээлге чейин төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тестирлөөнүн жыйынтыктары коммерциялык банктар тике валюталык курстун таасирине туруштук бере ала тургандыгын тастыктаган (2.3.1-таблица).

**2.3.1-таблица. 2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча “кайтарым” стресс-тестирлөөнүн жалпы жыйынтыктары**

| | | **Банк сектору** |
|---|---|---|
| | **Кредиттик тобокелдик** | |
| 1-сценарий | «Классификацияланган» категорияга өткөн классификацияланбаган кредиттердин үлүшү, *пайыздарда* | 56,5 |
| | **Пайыздык тобокелдик** | |
| 1-сценарий | Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин төмөндөшү, мында капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12% чейин төмөндөйт, *пайыздык пунктарда* | 15,7 |
| | **Валюта тобокелдиги** | |
| 1-сценарий | USD/ KGS курсунун өсүш арымы (±), мында капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12% чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | Бир банкты кошпогондо, коммерциялык банктар тике валюта тобокелдигинин таасирине туруштук бере алышат (б.а. валюта курсунун 100% көбүрөөк өзгөрүшү) |
| 2-сценарий | USD/ KGS курсунун өсүш арымы (±), мында таза пайда нөл көрсөткүчүндөгү деңгээлге чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | |
| | **Ликвиддүүлүк тобокелдиги** | |
| 1-сценарий | Кардарлардын депозиттеринин үлүшүнүн депозиттердин жалпы көлөмүнөн агылып чыгышы, мында күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициенти 45% чейин төмөндөйт, пайыздарда | 30,4 |

МАЗМУНУ

# III. БАНК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫ

***Бүтүндөй алганда, банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) системасынын абалына орточо туруктуу катары баа берилген. Активдердин, кредит портфелинин жана ресурстук базанын негизги көрсөткүчтөрүнүн көбөйүшү белгиленген. Стресс-тесттердин жыйынтыктары БФКУ системасынын кредиттик тобокелдиги орточо деңгээлде экендигин көрсөткөн.***

***Микрофинансы уюмдарынын жана кредиттик союздардын кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендери өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу төмөндөгөн.***

## 3.1. Негизги тенденциялар

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасында Улуттук банк тарабынан лицензияланууга жана жөнгө салынууга тийиш болгон банк эмес финансы-кредит уюмдарынын системасы: адистештирилген финансы-кредит мекемеси – “КСФК” ААКсын, 108 кредиттик союзду, 148 микрофинансы уюмдарын (анын ичинде 8 микрофинансылык компания, 98 микрокредиттик компания жана 42 микрокредиттик агенттиктер) жана 398 алмашуу бюросун камтыган.

### *Ресурстар*

**3.1.1-график. БФКУлардын милдеттенмелеринин жана капиталынын динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдарынын милдеттенмелери 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 50,5 пайызга көбөйүп, 7387,7 млн. сом өлчөмүндө калыптанган. 2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУлардын капиталы 13,4 пайызга көбөйүү менен 10 275,5 млн. сомду түзгөн (3.1.1-график).

МАЗМУНУ

### *Активдер*

### 3.1.2-график. БФКУлардын активдеринин жана кредиттеринин динамикасы




*Булагы: Улуттук банк*

Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттун маалыматтары боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдарынын чогуу алгандагы активдери 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында 26,4 пайызга көбөйүп, 17 663,2 млн. сомду[27] түзгөн. Мындай жогорулоо банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кредит портфелинин көбөйүүсүнөн улам келип чыккан (3.1.2-график).

Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишинин негизги багыты болуп кредиттөө саналат. 2018-жылдын 30-июнуна карата БФКУлардын кредит портфелинин көлөмү 26,9 пайызга көбөйүү менен 14 779,4 млн. сом өлчөмүндө түптөлгөн.

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча карыз алуучулардын саны 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда, 33,2 пайызга көбөйүп, 317 979 адамды түзгөн.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында БФКУлар тарабынан берилген кредиттердин ордун жабуу мөөнөтү боюнча кыска мөөнөттүү кредиттик ресурстардын үлүшүнүн көбөйүшү, ошондой эле кыска жана узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшүнүн азайышы байкалган (3.1.3-график).

### 3.1.3-график. БФКУлар тарабынан берилген кредиттердин төлөө мөөнөттөрү боюнча түзүмү




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: бир мезгилдин акырына карата маалыматтар*

[27] "КСФК" ААКсын эске албаганда.

Бишкек шаары, ошондой эле Чүй, Ош жана Жалал-Абад областтары БФКУлардын кредит портфелинин олуттуу бөлүгүн ээлеген негизги региондордон болуп саналат (чогуу алгандагы кредит портфелинин 68,6 пайызы), бул республиканын ушул региондорунда иш жигердүүлүгүнүн кыйла жогору болушуна байланыштуу болгон.

### *Кирешелүүлүк*[28]

**3.1.4-график. БФКУлардын кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы***




*Булагы: Улуттук банк*
** "ФККС" ААКсын эске албаганда*

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча БФКУлардын таза пайдасы өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 38,7 пайызга көбөйүп, 749,3 млн. сомду түзгөн. ROA кирешелүүлүгүнүн көрсөткүчү 2018-жылдын 30-июнуна карата 0,8 пайыздык пунктка жогорулап, 4,7 пайызды, ал эми ROE көрсөткүчү 1,5 пайыздык пунктка көбөйүп, 7,7 пайызды түзгөн (3.1.4-график).

МАЗМУНУ

[28] ROA жана ROE индикаторлору жылдык эсептөөдө берилген.

## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер

Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишиндеги тобокелдиктердин негизги факторлору катары кредит портфелинин сапаты, тармактык жана институционалдык концентрация, ошондой эле БФКУ секторунун тышкы карызынын абалы саналат.

*БФКУлардын кредит портфелинин сапаты*

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУлардын кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү 4,4 пайызды түзгөн, мында 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда алардын номиналдык көлөмүнүн 88,6 млн. сомго же 11,9 пайызга бир азга төмөндөшү байкалган (3.2.1-график).

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча БФКУлардын классификацияланган кредиттер түзүмүндө айыл чарбасына берилген кредиттердин тейленбеген үлүшүнүн (2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 6,4 пайыздык пунктка) төмөндөшү катталган. БФКУлардын классификацияланган кредиттеринин жалпы көлөмүндө алардын үлүшү 21,3 пайызды түзгөн (3.2.2-график).

**3.2.1-график. БФКУлардын кредит портфелинин сапаты**




*Булагы: Улуттук банк*

**3.2.2-график. Экономика тармактары боюнча БФКУлардын классификацияланган кредиттеринин түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

*Тармактык концентрацияланув*

БФКУлардын кредит портфели айыл чарбасына берилген кредиттерде (БФКУлардын кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 30,0 пайызы), ошондой эле соодада жана керектөө кредиттеринде (тиешелүүлүгүнө жараша кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 23,3 жана 14,7 пайызы) топтоштурулган (3.2.3-график). Айыл чарбасын кредиттөө жаратылыш-климат шарттарына көз каранды болгондугунан улам, жогорку тобокелдиктер менен коштолгон.

*Институционалдык концентрацияланув*

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча үч ири БФКУлардын активдеринин үлүшү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 5,7 п.п. көбөйүп, БФКУ системасынын активдеринин жалпы көлөмүнөн 49,0 пайызды түзгөн (3.2.4-график).

**3.2.3-график. БФКУлардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**3.2.4-график. БФКУлардын активдеринин институционалдык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

МАЗМУНУ

### 6-кыстырма. Концентрациялануу индексинин негизинде БФКУ системасынын ишине баа берүү[29]

***Херфиндаль-Хиршмандын индекси***

БФКУ системасында концентрациялануу тобокелдигин талдап-иликтөө максатында, Херфиндаль-Хиршмандын индекси[30] эсептелинип чыккан. 2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУ системасы үчүн индекстин мааниси 1 459,2 пунктту түзгөн. Эмпирикалык эрежеге ылайык[31] алынган маани БФКУ активдеринин орточо концентрацияланышын же микрофинансылык рыноктун орточо концентрациялануусун көрсөтүп турат.

**1-график. Джини индексинин жана 6 ири БФКУлардын активдеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

***Джини индекси***

БФКУ активдеринин бирдей ченемде бөлүштүрүлүшүнө баа берүү максатында Джини индекси эсептелинген. 2018-жылдын 31-июнуна карата абал боюнча индекстин мааниси 0,109 түзгөн, бул ири микрофинансылык институттардын арасында активдер орточо бөлүштүрүлгөндүгүн күбөлөндүрөт. 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде концентрациялануу деңгээлинин төмөндөөсү белгиленген (1-график).

*БФКУнун тышкы карызынын абалы*

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУнун тышкы карызынын көлөмү 51,6 млн. АКШ долларын түзгөн. БФКУнун тышкы карызынын эң олуттуу бөлүгү коммерциялык чет өлкө финансы-кредит уюмдарынын кредиттерине (БФКУнун тышкы карызынын жалпы көлөмүнөн 98,0 пайыз), калган бөлүгү – эл аралык финансы институттарынын кредиттерине (БФКУнун тышкы карызынын жалпы көлөмүнөн 2,0 пайыз) туура келген.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ири БФКУнун тышкы карызы 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 162,3 пайызга көбөйүп, 46,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

---

[29] Концентрациялануу индекстери 6 ири БФКУнун маалыматтарынын негизинде эсептелген.

[30] $H = \sum_{i=1}^{n}(доля i)^2$.

[31] Рыноктун концентрациялануу деңгээлин аныктоонун төмөнкүдөй эмпирикалык эрежелери колдонулган:

- индекс 0,1 төмөн (же 1.000) маагине ээ – рыноктун бир аз концентрацияланышы,
- индекс 0,1 тартып 0,18 чейин (же от 1.000 до 1.800) мааниге ээ – рыноктун орточо концентрацияланышы,
- индекс 0,18 жогору (или 1.800) мааниге ээ – рыноктун жогору концентрацияланышы.

## 3.3. БФКУ системасын стресс-тестирлөө

### БФКУлардын кредиттик тобокелдигин стресс-тестирлөө

Дуушарланууга талдап-иликтөө жүргүзүлгөн, мында кредит портфелинин сапатынын начарлашынын бүтүндөй БФКУ системасына тийгизген таасири эсептелет.

Стресс-тестирлөө жүргүзүүдө төмөнкү үч сценарий каралган:

*1-сценарий:* кредиттердин 50 пайызынын бир категориядан экинчисине өтүшү;

*2-сценарий:* кредиттердин 75 пайызынын бир категориядан экинчисине өтүшү;

*3-сценарий:* кредиттердин 100 пайызынын бир категориядан экинчисине өтүшү.

Мында, кредиттердин бир категориядан экинчисине өтүшү “стандарттык”, “байкоого алынган”, “субстандарттык”, “шектүү” жана “жоготуулар” сыяктуу категориялар боюнча бир калыпта жүрөт.

Стресс-тестирлөөнү жүргүзүүдө БФКУлардын кредит портфелиндеги РППУнун көлөмү[32] тандалып алынган сценарийге жараша 94,7 пайыздан 189,4 пайызга чейин жогорулап турган (3.3.1-график).

**3.3.1-график. Кредиттик тобокелдикти стресс-тестирлөөнүн 2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча жыйынтыктары**




*Булагы: Улуттук банк, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Мында белгилей кетүүчү нерсе, кредит портфелинин сапатынын начарлашы БФКУлардын өздүк капиталынын жана таза пайдасынын бара-бара төмөндөшүнө алып келет. Биринчи, экинчи жана үчүнчү сценарий ишке ашырылган учурда, БФКУ тиешелүүлүгүнө жараша 71,2, 481,2 жана 891,6 млн. сомго чейинки өлчөмдө чыгым тартышы мүмкүн (3.3.1-график).

[32] Микрофинансы уюмдары активдин суммасынын көрсөтүлгөн пайыздык катышында чегерүүлөрдүн төмөнкү өлчөмдөрүн жүргүзүү менен классификациялоонун тиешелүү категориялары үчүн жалпы жана атайын РППУну түзүшөт:
- стандарттык - 0%дан 5%га чейин
- байкоого алынган активдер – 10%
- субстандарттык - 25%
- шектүү - 50%
- жоготуулар - 100%

**3.3.1-таблица. Кредиттик тобокелдикти стресс-тестирлөөнүн натыйжалары,** *пайыздар*

| | БФКУлардын кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү |
|---|---|
| **1-сценарий:** кредиттердин 50% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 15,3 |
| **2-сценарий:** кредиттердин 75% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 20,6 |
| **3-сценарий:** кредиттердин 100% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 25,8 |

*Булагы: Улуттук банк, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

БФКУлардын кредит портфелинде проблемалуу кредиттер үлүшүнүн 10,9 пайыздык пунктка, 15,3 пайыз деңгээлге чейин көбөйүшү биринчи сценарийди ишке ашыруунун жыйынтыгынан болушу мүмкүн. Экинчи сценарий жүзөгө ашырылган учурда проблемалуу кредиттер 16,2 пайыздык пунктка, 20,6 пайыз деңгээлине чейин көбөйүшү, ал эми үчүнчү сценарийди жүзөгө ашырууда – 21,4 пайыздык пунктка, 25,8 пайыз деңгээлине чейин жетиши ыктымал.

**БФКУлардын кредиттик тобокелдигин эконометрикалык моделдин негизинде стресс-тестирлөө**

Мындай стресс-тестирлөө эконометрикалык моделдин негизинде ишке ашырылган, ал БФКУлардын классификацияланган кредиттеринин макроэкономикалык факторлордон көз карандылыгын мүнөздөйт.

**3.3.2-график. БФКУлардын проблемалуу кредиттеринин өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

БФКУлардын классификацияланган кредиттер үлүшүнүн динамикасына тийгизген макроэкономикалык таасирге баа берүү максатында төмөнкү сценарий каралган:

- *ИДӨнүн өсүш арымынын 10 пайызга кыскарышы.*

Бул сценарийди ишке ашырууда кредит портфелиндеги проблемалуу кредиттердин үлүшү 0,2 пайыздык пунктка, 4,6 пайыз деңгээлине чейин өсүшү мүмкүн.

# IV. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ

***Отчеттук мезгил ичинде маанилүү төлөм системаларында финансылык жана операциялык тобокелдиктерди минималдаштырууга, төлөм инфраструктурасынын ишин контролдоо жолу аркылуу системанын ишинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууга багытталган чаралар топтому финансы секторунун туруктуулугуна карата тобокелдиктердин таасирин минималдаштырууга өбөлгө түзгөн.***

***Системалуу мааниге ээ төлөм системаларында тобокелдиктер деңгээли минималдуу болуп, ликвиддүүлүктүн жетиштүү деңгээли менен шартталган.***

Өлкөнүн финансы секторунун туруктуу ишин аныктаган негизги факторлордун бири катары натыйжалуу жана үзгүлтүксүз иштеген төлөм системасы саналат.

2018-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасында төлөм системасынын төмөнкү компоненттери иштеп турган:

1. Улуттук банктын ири төлөмдөр системасы – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ).

2. Чекене төлөмдөр системасы: Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (СПК), төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы.

3. Финансылык билдирүүлөрдү жөнөтүү үчүн инфраструктура (SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнү, Банктар аралык коммуникациялык түйүн).

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы штаттык режимде иштеп турган.

**4.1-график. ГСРРВда төлөмдөрдүн жана ликвиддүүлүк көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

**4.2-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | I ж/ж 2017 | I ж/ж 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүлтүктөр | 0,2 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 |
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти | 99,8 | 99,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,9 |
| Операциялык тобокелдик деңгээли | 3,6 | 3,1 | 5,9 | 4,1 | 5,2 | 2,9 | 4,6 | 3,7 |

*Булагы: Улуттук банк*

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли катышуучулардын эсептериндеги ликвиддүү каражаттардын жогорку деңгээлинен улам, системадагы жүгүртүүгө карата төмөн бойдон калган (ликвиддүүлүктүн коэффициенти 1,5,

МАЗМУНУ

ал эми жүгүртүүнүн коэффициенти – 0,7 түзгөн). Катышуучулардын орто күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү 24,5 пайызга көбөйүүнү көрсөтүү менен бирге (2017-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда) 19,7 млрд. сомду түзгөн (4.1-график).

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын жеткиликтүүлүк деңгээли жогору бойдон калып 99,9 пайызды түзгөн, ал эми операциялык тобокелдик деңгээли операциялык күндүн узартылышын эске алуу менен 3,7 пайызды түзгөн.

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы системалуу мааниге ээ төлөм системасы болуп саналат, анын ишиндеги үзгүлтүктөр банк тутуму сыяктуу эле, бүтүндөй финансы системасына да олуттуу көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн.

Отчеттук мезгил ичинде **пакеттик клиринг системасында** финансылык тобокелдиктердин деңгээли да төмөн болгон. Катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициянын ордун жабууга каралган кам зарыл деңгээлден 4 эсеге жогору болгон. Пакеттик клиринг системасынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары боюнча отчеттук мезгил ичинде системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү жогору болуп 100,0 пайызды түзгөн (2017-жылдын биринчи жарым жылдыгында 99,8 пайыз), мында системанын катышуучуларынын талабы боюнча иш регламентин узартуунун эсебинен операциялык тобокелдик деңгээли 6,9 пайызды түзгөн (4.3-график).

**4.3-график. ПКСте жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобо-келдиктин катышы**




| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | I ж/ж 2017 | I ж/ж 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүлтүктөр | 1,03 | 1,04 | 0,90 | 0,03 | 0,28 | 0,19 | 0,49 | 0,04 |
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти | 98,97 | 98,96 | 99,10 | 99,97 | 99,72 | 99,81 | 99,80 | 100,00 |
| Операциялык тобокелдик деңгээли | 2,30 | 1,97 | 2,63 | 1,23 | 1,17 | 6,24 | 4,62 | 6,86 |

*Булагы: Улуттук банк*

**4.4-график. Улуттук "Элкарт" системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобо-келдиктин катышы**




| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | I ж/ж 2017 | I ж/ж 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти | 99,58 | 98,16 | 99,88 | 99,28 | 99,24 | 99,13 | 98,94 | 99,09 |
| Операциялык тобокелдик | 0,42 | 1,84 | 0,12 | 0,72 | 0,76 | 0,87 | 1,06 | 0,91 |

*Булагы: Улуттук банк*

**Банктык төлөм карттар менен эсептешүүлөр системасы.** 2018-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасында 5 эл аралык төлөм карттар менен эсептешүү системасы жана «Элкарт-UPI»[33] ко-бейджинг карттарын камтыган “Элкарт” улуттук төлөм системасы иш алып барган.

Отчеттук мезгил ичинде «Элкарт» улуттук төлөм системасы менен 25 коммерциялык банк иш алып барган. Мониторингдин жана талдап-иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 98,9 пайызды, ал эми техникалык үзгүлтүктөрдү эске алганда, операциялык тобокелдиктердин деңгээли – 1,1 пайызды түзгөн (4.4-график).

[33] “Кыргыз Республикасында банктык төлөм карттар жөнүндө” жобого ылайык, ко-бейджинг карт – бул эки төлөм системасынын алкагында чыгарылган карт. Алсак, «Элкарт-UPI» Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» системасынын эрежелери боюнча тейленсе, ал эми өлкөдөн тышкары «Union Pay» системасы аркылуу тейленет.

**Акча которуу системалары.** 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде коммерциялык банктарда эсепти ачуусуз эл аралык акча которууларды алуу жана жөнөтүү иши эл аралык акча которуулардын 14 системасы аркылуу жүзөгө ашырылган (4.1-таблица).

**4.1-таблица. Агымдардын эл аралык акча которуулар системаларынын ортосунда бөлүштүрүлүшү**

| "Акча которуу системасынын аталышы" | Кириш | | Чыгыш | |
|---|---|---|---|---|
| | Жалпы сандан үлүшү, % | Жалпы көлөмдөн үлүшү, % | Жалпы сандан үлүшү, % | Жалпы көлөмдөн үлүшү, % |
| Золотая Корона | 73,6 | 68,8 | 86,7 | 84,9 |
| Юнистрим | 11,1 | 14,9 | 3,2 | 7,2 |
| CONTACT | 7,8 | 7,3 | 3,8 | 2,0 |
| Вестерн Юнион | 4,9 | 5,1 | 4,8 | 4,8 |
| Money Gram | 1,0 | 1,6 | 1,0 | 1,0 |
| Жана башкалар | 1,6 | 2,2 | 0,5 | 0,2 |
| Бардыгы болуп | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

*Булагы: Улуттук банк*

**Локалдык акча которуулар.** Учурда акча которуулардын беш локалдык системасы ортосунда бирдей бөлүштүрүү сакталган, алардын операторлорунан болуп Кыргыз Республикасындагы банктар саналат.

2018-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгында чек ара аркылуу өтүүчү финансылык билдирүүлөр менен алмашуу SWIFT түйүнү, банк-кардар сервиси аркылуу ишке ашырылып турган. Мында, финансылык билдирүүлөрдүн негизги агымы SWIFT телекоммуникациялык түйүнүнө туура келген (кирген жана чыккан төлөмдөрдүн орточо мааниси төлөмдөрдүн жалпы санынан 93,6 пайызды жана көлөмүнөн 97,9 пайызды түзгөн).

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде бардык маанилүү төлөм системалары штаттык режимде иш алып баргандыгын жана өлкөнүн финансы системасында системалуу тобокелдиктин орун алышына жол бербегендигин көрсөткөн.

# V. ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ

***Отчеттук мезгил ичинде финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укукту базаны өркүндөтүүнүн алкагында аталган уюмдардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган уюмдардын ишинде тобокелдиктерди төмөндөтүү, ошондой эле коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдү күчөтүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.***

1. Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 28-февралындагы №2018-П-12/7-7-(НПА) токтому менен "Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган депозиттик эсептерине жайгаштыруу тартиби жөнүндө" жобо кабыл алынган.

Аталган жобого ылайык коммерциялык банктарга жободо белгиленген Улуттук банкта ачылган депозит эсептерине чет өлкө валютасында акча каражаттарды жайгаштыруу талаптарын, тартибин жана шарттарын сактоо аркылуу Улуттук банкта ачылган депозит эсептерине чет өлкө валютасында акча каражаттарды жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү сунушталат.

2. Кыска мөөнөттүү жана дароо ликвиддүүлүктү кошо алганда, ликвиддүүлүк ченемин эсептөө тартибин өзгөртүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 28-февралындагы №2018-П-12/7-8-(НПА) токтому менен "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр бекитилген. Өзгөртүүлөр кошо жоопкерчиликтүү топко берилген кредиттерге да тиешелүү.

3. Жеке адамдардан жана юридикалык жактардан аманаттарды кабыл алуу укугуна ээ эмес микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ишин жөнгө салуучу Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын алгылыктуу эл аралык тажрыйбага дал келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 30-майындагы №2018-П-12/20-2-(НФКУ) токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына, активдерди классификациялоого тиешелүү бөлүгүнө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

4. Коммерциялык банктарга тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү киргизүүгө байланыштуу Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2018-жылдын 20-июнунда "Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө" нускоону бекитүүгө, ошондой эле коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө тиешелүү токтомдор кабыл алынган.

"Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө" нускоодо Улуттук банктын тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүзөгө ашыруу боюнча саясатына ылайык инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча талаптар, тышкы көзөмөлдү банкты көзөмөлдөө элементи катары чагылдыруу жана башка өзгөрүүлөр каралган. Улуттук банк Башкармасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомуна ылайык, коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө, анын ичинде тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө тиешелүү, айрыкча тобокелдикти кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жагында саясатты жана процесстерди аныктоо, тобокелдиктер боюнча лимиттерди өлчөө, белгилөө, тескөө боюнча талаптарды күчөтүү жана башка өзгөрүүлөр каралган.

### *Ислам каржылоо принциптери*

Калкка сунушталып жаткан банктык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүү жана рынокто атаандаштыкты өнүктүрүү максатында Улуттук банк тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерин өнүктүрүү жагында иштер жүргүзүлүүдө.

Алсак, Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 31-январындагы №2018-П-12/4-6-(БС) токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, буга ылайык каржылоонун чогуу алгандагы максималдуу өлчөмү жогорулатылган, уюштуруучу (акционерлер) болуп саналбаган юридикалык жактардан, ошондой эле жеке адамдардан жана юридикалык жактардан – микрофинансылык уюмдардын уюштуруучуларынан (акционерлеринен) акча каражаттарды тартуу боюнча чектөөлөр алынып салынган.

Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 28-мартындагы №2018-П-12/10-6-(БС) токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына ислам банк иши жана каржылоо принциптерине дал келүүчү операциялардын, “товардык мурабаха” бүтүмүнүн тизмегин кеңейтүү каралган толуктоолор киргизилген.

“Пролонгация” түшүнүгүн алып салуу жана кредиттерди реструктуризациялоо/каржылоо шарттарын өзгөртүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 30-майындагы №2018-П-12/20-2-(НФКУ) токтому менен активдерди классификациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларга жана микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетуна өзгөртүүлөр киргизилген.

# ГЛОССАРИЙ ЖАНА КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

*Банктык аманат (депозит)* – бул финансы-кредит уюму тарабынан башка жак менен түзүлгөн келишим боюнча кайтарымдуулук, төлөөгө жөндөмдүүлүк, мөөнөттүүлүк шарттарында кабыл алынган акча каражаттарынын суммасы. Аманаттар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү болуп бөлүнөт. Талап боюнча төлөнүүчү аманаттар сактоо мөөнөтүн көрсөтүүсүз, ал эми мөөнөттүү аманаттар – белгилүү бир мөөнөткө салынат.

*Банктык кредиттер* – бул банк тарабынан белгилүү бир мөөнөткө кайтарымдуулук жана кредиттик пайызды төлөөгө жөндөмдүүлүк шарттарында берилген акча каражаттары.

*Валюта рыногу* – чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган рынок. Экономикалык мазмуну боюнча – бул акча рыногунун сектору, мында валюта сыяктуу өзгөчө товарга суроо-талап менен сунуш тең салмактанып турат. Өз багыты жана уюштуруу формасы боюнча – бул атайын институттар жана механизмдердин топтому, алар биргелешип суроо-талап менен сунуштун негизинде улуттук жана чет өлкө валютасын эркин сатуу-сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

*Акча рыногу* – рынок, мында катышуучулардын белгилүү бир чөйрөсүнүн чегинде кредиттер жана баалуу кагаздар формасындагы каражаттар кыска мөөнөткө сунушталат жана алынат.

*Депозиттик мекемелер* – борбордук банкты эске албаганда, негизги иши депозиттерди кабыл алуу жана кийинчерээк бул каражаттарды өз атынан жайгаштыруу болуп саналган финансылык корпорациялар.

*Үй чарбачылыгы* – бул бирге жашашкан, биргелешип чарба жүргүзгөн, өз кирешелерин жана мүлкүн толугу менен же жарым-жартылай бириктиришкен жана товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн (негизинен турак жай жана тамак-аш азыктарын) белгилүү бир түрлөрүн биргелешип пайдаланышкан жеке адам же жеке адамдар тобу. Үй чарбасы кайсы болбосун экономикалык ишти, анын ичинде өндүрүштү жүргүзө алат.

*Баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү* – баалуу кагаздар боюнча жылдык кирешенин анын рыноктук баасына карата катышы; баалуу кагазга ээлик кылуучу тарабынан алынган пайданын ченеми (нормасы).

*Дюрация* – финансы инструментин төлөөгө чейинки орточо алынган мөөнөт. Финансылык активдердин төлөө мөөнөтүнө эмес, алардын наркынын пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө карата ийкемдүүлүгүнө көрүлгөн чара катары колдонулушу мүмкүн.

*Турак жай сатып алуу мүмкүнчүлүгү индекси* – жарандардын квартираларды сатып алуу мүмкүнчүлүгү көз карашынан, турак жай рыногунун абалынын көрсөткүчү. Стандарттуу квартиранын (54 чарчы метр жалпы аянты менен) орточо рыноктук наркынын үч адамдан турган үй-бүлөнүн (эки чоң адам жана бир өспүрүм) орточо жылдык кирешесине карата катышы катары эсептелет.

*Төлөм системаларынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү коэффициенти* – системадан пайдалануучулар үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык үзгүлтүктөрдөн улам иштебей токтоп калуулар, электрэнергиясын өчүрүүлөр, системанын операциялык күнүн кеч баштоо же эрте аяктоо, системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

*Төлөм системаларынын ликвиддүүлүк коэффициенти* – системанын катышуучуларынын эсептеринде төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн ликвиддүү каражаттардын жетиштүүлүгүн мүнөздөйт.

*Макропруденциалдык талдап-иликтөө* – бул, бүтүндөй финансы системасынын таасирдүү жактарына жана чабал жерлерине баа берүү жана мониторинг жүргүзүү.

*Минималдуу керектөө бюджети* – бир адамга эсептелинген бир күндүк минимумга ылайык келген минималдуу ыңгайлуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөр топтомунун наркы.

*Бир адамга эсептелинген бир күндүк минимум* – адамдын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу, анын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон минималдуу керектөө куржунунун наркынын өлчөмүнө

МАЗМУНУ

барабар, материалдык ыңгайлуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдуу топтомунун нарктык баасы, ошондой эле милдеттүү төлөмдөрдүн жана жыйымдардын суммасы.

*Колдо болгон киреше* – өздүк керектөө үчүн багытталган, салык алынгандан кийинки таза киреше. Өздүк колдо болгон киреше, өздүк киреше менен салыктардын суммасынын ортосундагы айырмага барабар же керектөө суммасына жана топтоо чоңдугуна шайкеш болот.

*Реалдуу пайыздык чен* – номиналдык пайыздык чен, ал инфляция деңгээлине карата корректировкаланган.

*Баалуу кагаздар рыногу* – баалуу кагаздардын компания-депозитарийлери, эсептик жана клирингдик палаталар, ошондой эле биржанын ишкердигине байланыштуу кызматтарды сунуштаган башка компаниялар сыяктуу уюштурулган биржалар жана түзүмдөр. Бул категорияга иши финансылык корпорациялар тарабынан камсыздалган депозитарийлер жана клирингдин электрондук системасы, ошондой эле биржалардын жана алар менен байланыштуу институционалдык бирдиктердин ишкердигине көзөмөлдү жүзөгө ашырган же алардын ишин жөнгө салган улуттук өзүн-өзү жөнгө салуучу уюмдар кирет.

*Стресс-тесттер* – бул, портфелдин макроэкономикалык жагдайда же өзгөчө, бирок чындыкка жакын жагдайларда олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болушуна баа берүү үчүн колдонуучу ыкмалар.

*Жумушсуздук деңгээли* – айкын жумушсуз жарандардын санынын экономикалык жигердүү калктын жалпы санына карата пайыздык катышы.

*Финансылык активдер өзүндө* капиталга катышуу инструменттерин жана инвестициялык фондулардын пайларын/акцияларын, карыздык инструменттерди, туунду финансылык инструменттерди кызматкерлер үчүн акцияларга опциондорду жана монетардык алтынды камтыйт.

*Финансы рыногу* – катышуучулардын белгиленген иш алып баруу тартибине ылайык, экономикалык субъекттер финансылык талаптарды сатууну-сатып алууну жүзөгө ашыра турган рынок катары аныкталат.

*VaR (Value at Risk)* – белгилүү бир мезгил ичинде акча түрүндө келип чыгышы ыктымал болгон максималдуу жоготуулар.

ААК – ачык акционердик коом
АКШ – Америка Кошмо Штаттары
БУУ – Бириккен улуттар уюму
БФКУ – банк эмес финансы-кредит уюмдары
ГСРРВ – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы
ЕАЭБ – Евразия экономикалык бирлиги
ЖАК – жабык акционердик коом
ИДӨ – ички дүң өнүм
КБИ – керектөө баа индекси
КММ – күйүүчү-майлоочу материалдар
КМШ – Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги
КСФК (ОАО “ФККС”) – “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” ААКсы
МКВ – мамлекеттик казына векселдери
МКК – микрокредиттик компания
МКО – мамлекеттик казына облигациялары
МФК – микрофинансылык компания
МФУ – микрофинансылык уюмдар
ПКС – пакеттик клиринг системасы
п.п. – пайыздык пункт
ПРБО – мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет
РППУ – потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабуу үчүн каралган кам
ТСК – таза суммардык капитал
Улуттук банк – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
ФАО (FAO) – БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба боюнча иш алып барган уюму
ФКУ – финансы-кредит уюмдары
ФРС – АКШнын Федералдык резерв системасы
ЭВФ – Эл аралык валюта фонду
DTI (Debt-to-Income) – карыз алуучунун негизги жылдык кирешесине кредит берүү учурунда (негизги карыздын суммасын жана жарыяланган (билдирилген же декларацияланган) отчеттук мезгил ичиндеги төлөм пайыздарын кошо алганда) карыз алуучунун кредиттер боюнча төлөө суммасынын катышы.
LTV (Loan-to-Value Ratio) – берилген кредиттердин көлөмүнүн күрөөлүк камсыздоонун наркына карата катышы.